# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ

2019 - ЖЫЛДАГЫ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ ЖӨНҮНДӨ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КООМДУК ТЕЛЕРАДИОБЕРҮҮ
КОРПОРАЦИЯСЫ



# Мазмуну

1. ЖЕТЕКЧИЛИК ЖАНА КОРПОРАЦИЯНЫН КАРЖЫЛАНЫШЫ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТТАР ..... 4
Корпорацияны башкаруу формасы жөнүндө ..... 4
КТРКнын БАЙКООЧУ КЕҢЕШИНИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН НЕГИЗИ ..... 4
КТРКнын Байкоочу кеңешинин курамы ..... 5
Корпорациянын жетекчилиги ..... 9
Корпорацияны каржылоо ..... 10
2. 2019-ЖЫЛ ИЧИНДЕГИ КОРПОРАЦИЯНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ ТУУРАЛУУ ..... 11
2019-ж болгон Байкоочу кеңештин максаттары тууралуу ..... 11
Байкоочу кеңештин жыйындары. Кабыл алынган сунуштар ..... 11
Тармактагы Корпорациянын абалы тууралуу маалыматтар ..... 15
«ТРБ тууралуу» КРдин Мыйзамына ылайык берүүлөрдүн нормасын аткаруу ..... 15
КТРКнын каналдарынын рейтингдик изилдөөлөрдөгү позициясы ..... 21
Камтуу аймагын кеңейтүү жана кабыл алуунун сапатын жакшыртуу ..... 23
2.1. 2019-2020 телесезонунун жаңылануулары жөнүндө маалымат ..... 25
Тартуу процесси жүргүзүлө турган студияларды оптималдаштыруу ..... 27
Москва шаарында «Ала-Too24» корреспонденттк пунктунун ачылышы ..... 30
Эл аралык жаңылыктардын көлөмүн кеңейтүү ..... 31
Сапаттуу балдар контентинин кеңейиши ..... 31
Central Asia Design Hub проектисинен/IREXтен мультфильмдердин алынышы тууралуу ..... 32
2019-жыл ичинде чет элдик контентти тартып келүү боюнча жүргүзүлгөн иштер/Лицензиялык Макулдашуулар ..... 36
2.2. Д. Садырбаев атындагы «Кыргызтелефильм» түзүмдүн иш алып баруусунун жыйынтыктары ..... 37
2.3. КТРКнын интернет айдыңын камтуу ишмердүүлүгү тууралуу ..... 38
3. АДМИНИСТРАТИВДИК ЖАНА ЧАРБАЧЫЛЫК ИШТЕР ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ ..... 41
Өндүрүш шарттарын түзүү. Өндүрүш имараттарын оңдоп-түзөө. ..... 41
4. КАДРЛАР МЕНЕН ИШ АЛЫП БАРУУ ..... 42
4.1. Адам ресурстарын өнүктүрүү боюнча ишмердик тууралуу маалымат ..... 42
4.2. Кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу, окуу курстарын уюштуруу ..... 46
5. КОРПОРАЦИЯНЫН КЫЗМАТТАШУУСУ ..... 49
6. 2019-ЖЫЛГА КАРАТА КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ ПРОДАКШН СТУДИЯЛАРДЫН КОРПОРАЦИЯ ТАРАБЫНАН ТРАНСЛЯЦИЯЛАНГАН ПРОГРАММАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ ..... 53
7. КОРПОРАЦИЯНЫН 2019-ЖЫЛДАГЫ ФИНАНСЫЛЫК ЧАРБАЧЫЛЫК ИШТЕРИНИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ..... 55
8. КОРПОРАЦИЯГА ТОЛУГУ МЕНЕН ЖЕ ЖАРЫМ-ЖАРТЫЛАЙ, ТИКЕ ЖЕ ОРТОМЧУЛУК МЕНЕН ТИЕШЕЛҮҮ БОЛГОН КОМПАНИЯЛАР ЖАНА ИШКАНАЛАР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР ..... 65
9. КТРКнын РЕДАКЦИЯЛЫК САЯСАТЫ ..... 68
10. 2020-ЖЫЛГА КАРАТА КОРПОРАЦИЯНЫН ПЛАНДАРЫ ..... 69

**ОТЧЕТ ТУУРАЛУУ**

Отчеттун долбоору 2019-жылдын 28-майында КТРКнын Коомдук байкоочу кеңешинин жыйынында каралып №131/20 протоколу менен жактырылган.

Документте 2019-жылдын 31-мартынан тартып 2020-жылдын 31-мартына чейинки убакыт ичиндеги КТРКнын ишмердигинин жыйынтыгы толугу менен камтылган.

Накта отчетту КР-нин Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын жалпы жамаатынын, менеджментинин жана Байкоочу кеңешинин бирдиктүү жана макулдашылган иш-алып баруусунун жыйынтыгы деп билсе болот. Отчетту түзүүдө, 2019-жылы Корпорацияда орун алган жаңылыктар, коомдо болгон бардык олуттуу окуялар, отчеттук мезгилдеги негизги даталар эске алынган жана алардын үстүнөн жүргүзүлгөн иштер боюнча кенен баяндама берилет.

Жылдык отчеттун структурасы аны окууга ыңгайлуулугун эске алуу менен түзүлгөн жана "Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндөгү" КР-нин мыйзамында каралган милдеттердин аткарылышынын көлөмдөрү жана статусу тууралуу маалыматты камтыйт.

Ачыктык жана айкындуулук принцибин камсыздоо максатында ушул отчет ММКларга жайгаштырылат, анын ичинде www.ktrk.kg дареги боюнча Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын расмий сайтына да жарыяланды.

# 1. ЖЕТЕКЧИЛИК ЖАНА КОРПОРАЦИЯНЫН КАРЖЫЛАНЫШЫ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТТАР

### *Корпорацияны башкаруу формасы жөнүндө*

«Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» 2011-жылдын 18-ноябрында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Корпорациянын коомдук телерадиоберүү уюму катары юридикалык макамын, Корпорациянын максаттарын жана милдеттерин, анын укуктарын жана милдеттенмелерин, ошондой эле башкаруу түзүмүн жана органдарын аныктайт.

Аракеттеги «Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» КР-нин Мыйзамына жана «КТРКнын Уставына» ылайык Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын (мындан ары – КТРК) башкаруу органдарына төмөнкүлөр киришет:

- башкаруунун жогорку органы болуп саналган Байкоочу кеңеши;
- аткаруу органы болуп саналуучу Башкы директор.

Байкоочу кеңеш бүткүл коомдун кызыкчылыгын билдирет жана коомдук берүүлөрдүн прицниптерин сактоонун башкы гаранты болуп саналат. «Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» КР-нин Мыйзамында Байкоочу кеңешти калыптандыруунун принциптери так жазылган:

Байкоочу кеңеш парламенттен, президенттен жана жарандык коомдон теңдеш сандарда сунушталышкан 15 адамдан турат. Ошондой болсо дагы, Байкоочу кеңештин бардык мүчөлөрү ким тарабынан сунушталгандыгынан көз карандысыз окуу жайларынан жана илимий мекемелерден, коомдук жана башка коммерциялык эмес уюмдардан гана сунушталган болууга тийиш.

### *КТРКнын БАЙКООЧУ КЕҢЕШИНИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН НЕГИЗИ*

КТРКнын байкоочу кеңеши коллегиалдык, рекомендациялык ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясына караштуу эң жогорку башкаруучу орган болуп келет.

Кеңештин азыркы таптагы курамы 2017-жылдын апрель айында жүргүзүлгөн конкурстун негизинде калыптанган жана КРдин Жогорку Кеңешинин 2017-жылдын 26-апрелиндеги №1548-VI токтому менен бекитилген. "Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндөгү" КР-нин Мыйзамында коомдук кеңешти калыптандыруу принциптери так, даана жазылган: кеңеш КРдин Президенти, КРдин Жогорку Кеңешинен жана жарандык коом тарабынан бирдей санда сунушталган 15 кишиден турат:

- КРнын Президенти тарабынан: 1. Айдабосунова Нурия Иманкуловна, 2. Шестаков Игорь Альбертович, 3. Караман Сыягүл Абдимуталиповна, 4. Керимбаев Жылдызбек Сулайманкулович, 5.Абдрахман уулу Шайырбек;

- КРнын Жогорку Кеңеши тарабынан: 1. Асанова Алтын Асановна, 2. Бакашова Жылдыз Кемеловна, 3. Болотканов Кубатбек Болотканович, 4. Турдалиева Чолпон Джапарбековна, 5. Ниязова Джылдыз Шайлообековна;
- Жарандык коом тарабынан: Алхожоев Тимур Муратович, 2. Болгонбаев Азамат Таалайбекович, 3. Карымов Айбек Усенович, 4. Кадырова Анаш Кадыровна, 5. Сарыбаева Атыркуль

Кеңештин курамы кийинки 5 жылга бекитилген.

Байкоочу кеңештин Төрагасы болуп Азамат Болгонбаев 2020-жылдын 06-февраланды добуш берүү жолу менен көпчүлүк добушка ээ болуп дайындалган (Протокол № 130/20 от 06.02.2020). Буга чейинки төрагалык кылып келген Ж. Жекшеева убактысынан мурун ыйгарым укутарын токтотуу тууралу арызын тапшырган.
БК өзүнүн ишмердүүлүгүндө КРнын мыйзамына жана БКнын ички регламентине таянат.

Кеңештин ишмердүүлүгү мыйзамдуулук, айкындуулук, плюрализм принциптерине, негизделип Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө" КР-нин Мыйзамы (КР 2013-жылдын 6-июнундагы Мыйзамдын редакциясында № 90), КТРКнын БКнин Регламенти жана башка ички нормативдик-укуктук актылар менен көзөмөлдөнөт.

КР "Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө" КР-нин Мыйзамынын 14-беренесине ылайык, КТРКнын Байкоочу кеңеши "бир жылда 4 жолудан кем эмес чакырылып турат".

### *КТРКнын Байкоочу кеңешинин курамы*

**АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВ – БКнын төрагасы.** "Оркестр жана хордогу дирижерлук" факультетин аяктаган, КР Эл артисти, Замирбек Үсөнбаевдин шакирти. «Айтыш» Коомдук фондунун мүчөсү, атактуу төкмөчү, КР эл артисттери Ашыраалы Айталиев жана Тууганбай Абдиевдин окуучусу. Азамат Болгонбаев эл алдына алгачкы жолу 2001-жылы 17 жаш курагында чыккан. Республикалык жана эл аралык поэзиялык таймаштардын бир нече ирет жеңүүчүсү жана башкы байгесин утуп алуучусу. КТРКнын Байкоочу кеңешине жарандык коомчулук тараптан сунушталган.

**ЖЫЛДЫЗ БАКАШЕВА** Филология илимдеринин доктору, профессор. Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика факультетин аяктаган, кийинчерээк диссертиясын жактап жана илимий даражасын алган. КНУда окутуучу, кафедра башчысы жана декан, Жогорку Кеңеште эксперт, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Дипломатиялык академиясында проректор болуп эмгектенген. Азыркы мезгилде Улуттук китепкананын директору болуп эмгектенет. КТРКнын Байкоочу кеңешине Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен сунушталган.

**АНАШ КАДЫРОВА** Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, билими жогорку филологиялык. Жогорку категориядагы телеберүү жана радиоуктуруу боюнча диктор, КТРКнын башкы директорунун экс-орун басары. СССР Министрлер кеңешинин жана Кыргыз Республикасынын Телеберүү жана радиоуктуруу боюнча мамлекеттик комитетинин

Ардак грамоталары менен телеберүү жана радио тармагындагы сиңирген эмгектери жана активдүү публицистикалык ишмердиги үчүн сыйланган. Ч.Айтматов ат. маданияттын кызматкерлеринин Ассамблеясынын сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз Республикасынын Журналисттер Союзунун мүчөсү. КТРКнын Байкоочу кеңешине жарандык коомчулук тараптан сунушталган.

**ИГОРЬ ШЕСТАКОВ** Медиа-тренер, саясатчы. Россия Гуманитардык университетинин юридикалык факультетин аяктаган. Журналисттик ишмердигин «Вечерний Бишкек» газетасынан баштаган. «Время» программасынын өздүк корреспонденти, «Интерфакс» маалыматтык агенттигинин кыргызстан бюросунун шеф-редактору, Борбордук Азия боюнча «Российская газета» басылма чыгарылышынын өкүлчүлүгүнүн директору, «КирТАГ» маалыматтык агенттигинин башкы редактору болуп эмгектенген. Азыркы мезгилде «region.kg» аналитикалык сайтынын башкы редактору. КТРКнын Байкоочу кеңешине Кыргыз Республикасынын Президенти тараптан сунушталган.

**НИЯЗОВА ЖЫЛДЫЗ** Юридика илимдеринин кандидаты, сертификатталган медиатор, Кыргыз Ресубликасынын Адвокатурасынын адвокаттарынын Окуу борборунун тренери, Кыргыз Республикасынын Эл аралык университетинин Эл аралык жана ишкердик укук кафедрасынын доцентинин м.а., БУУнун (ЮНИСЕФ) Балдар фондунун Балдарды коргоо программасы долбоорунун эксперти. КТРКнын Байкоочу кеңешине Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен сунушталган.

**КУБАТ БОЛОТКАНОВ** Жогорку юридикалык билимге ээ. 2011-жылдан 2012-жылдарга чейин «Учкун» типографиясын жетектеген. 2012-жылдын декабрынан тартып Кубат Болотканов Бишкектин шаардык кеңешинин «Республика» партиясынан депутатынын постун ээлеп турган. 2013-жылдын сентябрь айынан тартып КР КТРКсынын башкы директорунун телеберүү боюнча орун басары болгон. КТРКнын Байкоочу кеңешине Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен сунушталган.

**НУРИЯ АЙДАБАСУНОВА** Филолог. Мичурин Мамлекетик Педагогикалык институтунун орус филологиясы факультетин аяктаган. Кочкор районунун «Чолпон» ОМде мугалим, андан кийин 1977-1985-жж. НПУнун директорунун орун басары, адабият жана педагогика окутуучусу, КР сотторду тандоо боюнча Байкоочу кеңешинин мүчөсү болуп эмгектенет, 2010-ж. тартып азыркы мезгилге чейин «Мекен шейиттери» Коомдук бирикмесинин теңтөрагасы болуп эсептелет. КТРКнын Байкоочу кеңешине Кыргыз Республикасынын Президенти тараптан сунушталган.

**АЙБЕК КАРЫМОВ** 1986-1987-жылы Таш-Көмүр шаарында №111 кесиптик-техникалык окуу жайын аяктаган, ал эми 1990-1993-жылдары Жалал-Абад областында айырмачылык менен Б.Алыкулов ат. маданият техникумун аяктайт. Андан кийин 2001-2006-жылдары И.Арабаев ат. Кыргыз мамлекеттик университетинде искусство факультетинде билим алат. «Бейне-Групп» компаниясынын жана «Бейне-Өнөр» коомдук фондунун негиздөөчүсү. Маданияттын отличниги, бир нече ардак грамотасынын жана сыйлыктардын ээси. КТРКнын Байкоочу кеңешине жарандык коом тарабынан сунушталган.

**СЫЯГУЛЬ КАРАМАН** К.Карасаев ат. БГУнун кыргыз-россия факультетинин бүтүрүүчүсү. Мектепте орус тили жана адабияты мугалими, «Кабар» КУМАда жооптуу чыгаруучу, Кыргызстандын телерадиокомпанияларында корреспондент жана программалардын алып

баруучусу болуп эмгектенген. Кыргыз жана орус тилдериндеги бир катар документалдык фильмдердин сценарийинин автору жана режиссеру. Азыркы мезгилде – көз карандысыз медиа-эксперт. КТРКнын Байкоочу кеңешине Кыргыз Республикасынын Президенти тараптан сунушталган.

**ЖЫЛДЫЗБЕК КЕРИМБАЕВ** Кыргызстандагы «Комсомольская правда» газетасынын басып чыгаруучусу. Баласагын ат. КММУну «журналистика» адистиги боюнча аяктаган. «Дастан» технологиялык университетинде менеджментти изилдеген. Кыргызстандагы «Комсомольская правда» газетасынын өкүлчүлүгүндө 20 жылдан ашуун эмгектенет, карьералык өсүүнүн бардык баскычтарын басып өткөн – жарнама боюнча менеджерден тартып башкы директорлукка чейин. КТРКнын Байкоочу кеңешине Кыргыз Республикасынын Президенти тараптан сунушталган.

**САРЫБАЕВА АТЫРКУЛЬ** 1992-1997-жылдары Б.Бейшеналиева ат. искусство институтунда уюштуруучу-методист адистиги боюнча окуган. 1995-1997-жж. КТРКда диктор болуп эмгектенген, ушул эле жылы дикторлук курсту аяктаган. 2000-ж. тартып азыркы мезгилге чейин "Ашар козголушу" КБнын башкы директорунун жардамчысы жана "Алтын-Өмүр" ЖЧКсынын директорунну орун басарынын кызматын айкалыштырат. КТРКнын Байкоочу кеңешине жарандык коомдон сунушталган.

**ЧОЛПОН ТУРДАЛИЕВА** тарых илимдеринин доктору илимий даражасына ээ жана Кыргызстандын жана Борбордук Азиянын тарыхы жана маданияты боюнча үч монографиянын жана 50дөн ашуун макалалардын автору. 2016-ж. Колумбия университетинде стажировкадан өткөн жана Фулбрайт программасы боюнча 2004-2005-жж. Вашингтон Университетинин чакырылган профессору болгон, ошондой эле көптөгөн эл аралык программалардын жана фонддордун грантеру болуп саналат. «Музей демилгелери борбору» БӨУнун директору болуп туруп, Чолпон Турдалиева улуттук жана эл аралык маданият долбоорлорду жетектейт. КР Президентине караштуу Кыргызстандын тарыхын изилдөө боюнча комиссиянын мүчөсү жана КР ЖАК эксперттик кеңешинин мүчөсү болуп саналат. Азыркы мезгилде Борбордук Азиядагы Америка университетинин Антропология программасынын профессору. КТРКнын Байкоочу кеңешине Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен сунушталган.

**ТИМУР АЛХОЖОЕВ** Юрист. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин юридикалык факультетинин бүтүрүүчүсү. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиянын аспиранты. Телекоммуникация жана массалык маалымат каражаттардын ишмердүүлүгү багытында иш алып барат.

**АЛТЫН АСАНОВА** Кыргыз мамлекеттик университеттин «Журналистика» багытын, кийин МГУнун журналистика факультетинин аспирантурасын бүтүргөн. КУУнун журналистика факультетинде окутуучу, ага-окутуучу, доцент жана кафедра жетекчиси болуп иштеген. «Чыңгыз Айтматов - публицист» темасы боюнча кандидаттык диссертациясын жактаган. И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Педагогикалык Университетинин Табыгий жана гуманитардык билим берүү борборунун директорунун биринчи орун басары жана К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык Университетинин журналистика кафедрасынын жетекчиси болуп иштеген. БГУда журналистика жана маалыматтык системалар факультетинин деканы. "КРдин Улуттук билим берүүсүнүн отличниги", КРдин журналисттер союзунун мүчөсү.

Байкоочу кеңешке Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеш тарабынан сунушталган.

**АБДРАХМАН УУЛУ ШАЙЫРБЕК** – Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин «Кыргыз тили жана адабияты» багытынын бүтүрүүчүсү. Кесиптик ишин 2011-жылы КТРКдан режиссердун ассистенти катары баштаган, кийин корреспонденти болуп иштеген. 2007-2009 жылдары "Айтыш" фондунун теңтөрагасы. 2009-жылдан тартып ЭЛТР телеканалынын журналисти, кийин ЭЛТР Мамлекеттик телерадио компаниясынын директору болуп дайындалган. 2018-2020 жылдары КТРКнын генералдык директорунун орун басары болуп эмгектенген. Ч.Айтматов атындагы жаштар сыйлыгынын лауреаты, КР Президентинин ардак грамотасы менен сыйланган. КТРКнын Байкоочу кеңешине Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан сунушталган.

***Корпорациянын жетекчилиги***

**Генералдык директору ҮСӨН УУЛУ ЖАЙНАК**

Ачык конкурстун негизинде тандалып КТРКнын Байкоочу кеңеши тарабынан 2019-жылдын 20-мартында шайланган.

Үч жогорку билимдин ээси. 1996-жылы Кыргыз Мамлекеттик Улуттук Университеттин «Тарых» адистигин аяктаган, 1998-жылы КМУУнун «Финансы жана кредит» адистигин мыкты бүтүргөн. 2008-жылдан 2010-жылга чейин "Иштиктүү администрациялоо. Стратегиялык менеджмент жана ишкерлик» билим берүү программасын Мамлекеттик эмес Москванын эл аралык бизнес жогорку мектеби «МИРБИС»ден окуган жана «Иштиктүү администрациялоонун чебери – стратегиялык менеджмент жана ишкерлик» квалификациясына ээ болгон.

НТС телеканалын жетектегенге чейин Евразия жана Африканын бир нече мамлекетинде иш алып барган эл аралык финансылык компанияны башкарып келген.

ММА жана панкратион федерациясынын вице-президенти, «КРдин телеуюмдар ассоциациясынын» төрагасы. КТРКнын генералдык директору болуп дайындалганга чейин НТСтин генералдык директору кызматында жана «Санарип технологиялар» (Кыргызстандагы санариптик берүүнүн оператору) ЖЧКсынын директору болуп иштеп келген. Азыркы учурда "Кыргызстандын телеуюмдар ассоциациясынын" жана "Мамлекеттик жана коомдук телерадиоуюмдар ассоциациясынын" төрагасы.

**КТРКнын телеберүү боюнча генералдык директордун орун басары**
**УРАКУНОВА ЖЫЛДЫЗ ИМАНГАЗИЕВНА**

19.04.2018-ж КТРКнын телеберүү боюнча генералдык директордун орун басары болуп дайындалган, жана 26.04.2018-ж КТРКнын генералдык директорунун сунушу менен жана Байкоочу кеңештин чечими менен өз кызматында бекитилген.

Эки жогорку билими бар: юридикалык жана политология адистиги боюнча. 2005-жылдан 2009-жылга чейин «Ала-Тоо» маалыматтык программанын корреспонденти, диктору жана чыгаруучу редактору болуп иштеген. 2012-жылдан баштап КТРКнын «Ала-Тоо» программасынын чыгаруучу редактору. 2014-жылдан тартып «Итоги недели» программасынын автору жана алып баруучусу. 2015-жылдан 2017-жылга чейин «Ала-Тоо» студиясынын продюсери.

**КТРКнын радиоберүү боюнча генералдык директорунун орун басары**
**МУСАЕВ АЙБЕК ЫРСАЛИЕВИЧ**

28.01.2020-ж КТРКнын генералдык директорунун сунушу менен КТРКнын радиоберүү боюнча генералдык директорунун орун басары болуп дайындалып, жана 06.02.2020-ж Байкоочу кеңештин чечими менен бекитилген. КМУну «кыргыз тили жана адабияты» адистиги боюнча окууну бүтүргөн.

1992-жылдан 1998-жылга чейин УТРКда редактор, улуу редактор, бөлүм жетекчисинин орун басары, 1998-2001-жылдары КР Президентинин пресс-кызматынын референти, 2001-2002-жылдары Ысык-Көл ТРКсынын төрагасы, 2002-2007-жылдары КООРТ ТРКсынын редактору, чыгаруучу редактору, 2007-2010-жылдары Пирамида ТРКсынын шеф-редактору, 2010-2020-жылдары «ЭлТРдин» корреспонденти, директордун орун басары, генералдык директору болуп эмгектенген.

## ***Корпорацияны каржылоо***

Жалпыга маалымдоо каражаттарынын курамында өзгөчө орунду телерадиоберүү ээлеп турат. Кыргыз Республикасынын демократиясынын жана коомдук түзүлүшүнүн өнүгүүсүнүн заманбап баскычында, коомдук телерадиоберүү өлкөнү бирдиктүү мамлекет кылып туруучу, жалпы көз-караштарды калыптандыруунун негизги коомдук-саясий каражаты болуп саналат.

Заманбап телеберүү рыногундагы кырдаал жана ушуга ылайык КТРКнын абалы медиачөйрөнүн тездик менен өзгөрүлүп жаткан эрежелери менен шартталган: санариптик берүүнүн өнүгүшү, контентти ар кандай платформалар аркылуу көрүүчүгө жеткирүү ыкмаларынын көбөйүшү, телеканалдар санын жогорулашы, телеберүүнүн социалдык жана жаш курак топтору боюнча көрүүчүлөрдүн бир нече сегменттерине бөлүнүүсү, аудиториянын «нишалык» каналдарга жана Интернетке агылып кетүүсү, каналдар ортосундагы катуу атаандаштык жаралуу.


Республикалык каржылоо - «КРнын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Корпорациянын чыгымдарынын жабуу максатында бөлүнүп берилет жана ишмердикти финансылык камсыздоого, ошондой эле 120 телеберүү жана 165 радио программа продукттарын өндүрүүгө байланышкан чыгымдарды жабууга, алар менен теле радио эфирди толтурууга жана аны телекөрүүчүлөргө жана радиоугуучуларга жеткирүү боюнча иш-чараларды камсыздоого багытталат.

Өлкөнүн санариптик берүүгө өтүү жана Корпорациянын курамындагы телеберүү каналдарынын Социалдык пакетке кирүү мезгилинде, алты телеберүү каналдарындагы жылдык берүүлөрдүн көлөмү 47 472 сааттан 48 655ке чейин жогорулаган. Радио берүүлөрү мурунку деңгээлде калган жана жылына берүүлөр 21 900 саатты түзүп турат.

КТРКны 2019-жылы камсыздоо республикалык бюджеттен бюджеттик ассигнациялоо эсебинен 358 101,7 миң сом суммасында Корпорациянын ишмердигине – социалдык чөйрөнүн бюджеттик мекемеси катары "мамлекеттик колдоо көрсөтүү" үчүн жүзөгө ашырылган.

Бекитилген «2019-жылга карата бюджеттин кирешелер жана чыгашалар сметасына» ылайык, республикалык бюджеттин каражаттарын чыгаша кылуунун негизги багыттары төмөнкүлөр болду:

*Графика 1.*




*2019-жыл үчүн кирешелер жана чыгашалар боюнча жалпы малыматты камтыган КТРКнын финансылык-чарбачылык ишмердигинин жыйынтыктары боюнча кененирээк маалымат, ушул отчеттун 7 бөлүгүндө берилген.*

## 2. 2019-ЖЫЛ ИЧИНДЕГИ КОРПОРАЦИЯНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ ТУУРАЛУУ

### *2019-ж болгон Байкоочу кеңештин максаттары тууралуу*

2019-жылы Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын Байкоочу кеңеши өзүнүн ишмердүүлүгүн өлкөнүн ичинде жана дүйнө жүзүндө болуп жаткан ички жана тышкы өзгөрүүлөрдү, орун алган окуяларды, ошондой эле өлкө деңгээлинде жүргүзүлүп жаткан реформаларды эске алуу менен курап жатты. Ошол эле учурда, КТРКнын Байкоочу кеңеши коллегиялык орган катары бардык кабыл алынган чечимдерди жана Корпорациянын менеджментине берилген сунуштарды жалпы ачык добуш берүү аркылуу бекитилген регламентке ылайык жүргүзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде Байкоочу кеңештин жыйындарында кароого Корпорацияда актуалдуу болгон төмөнкү маселелер көтөрүлдү:

- *Корпорация кызматкерлеринин иштөө шарттарын жакшыртуу маселелери;*
- *Эфирдик контентин сапатын жогорулатуу жолдору;*
- *Каналдагы берүүлөрдүн жаңы торчолорун карап чыгуу жана бекитүү;*
- *Корпорациянын финансылык акыбалын жакшыртуу;*

### *Байкоочу кеңештин жыйындары. Кабыл алынган сунуштар*

"Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө" КРнын Мыйзамынын 14-беренесине ылайык, КТРКнын Байкоочу кеңеши "бир жылда 4 жолудан кем эмес чакырылып турат".

2019-жылдагы отчеттук мезгил аралыгында КТРКнын БКсы 8 кезектеги жана кезексиз жыйын өткөрүп, анда 30дан ашык Коомдук телерадиоберүү корпорацияга стратегиялык жактан маанилүү болгон маселелер каралган. Ар бир жыйындын жыйынтыгы менен Кеңеш тараптан сунуш түрүндөгү корутундулар чыгарылган, алар КТРКнын БКсынын протоколу/чечими катары таризделген.

"КТРК жөнүндө" КРнын мыйзамына ылайык КТРКнын БКсынын корутундулары жана чечимдери генералдык директор жана менеджмент үчүн рекомендациялык мүнөздө болот.

Ар бир жыйындын жыйынтыктары боюнча Байкоочу Кеңештин пресс-релиздери www.ktrk.kg расмий сайтына, Байкоочу кеңештин баракчасына жана башка Массалык маалымат каражаттарына, анын ичинде социалдык тармактарга да чыгарылган.

1) 2019-жылдын 17-октябрында КТРКга тиешелүү болгон Дооронбек Садырбаевтин атындагы «Кыргытелефильм» кино видео фирмасынын иши менен жана алардын иш үстүндөгү проблемалары менен таанышуу максатында жумушчу топ түзүлүп, анын курамына Ж. Бакашова, А. Асанова, К. Болоткановдор кирген. Жумушчу топ корутундусу 2020-жылдын 6-февралдагы жыйында каралып башкы директор Ж.Усен уулуна тиешелүү тапшырмалар берилди.

2) 2019-жылдын 17-октябрында КТРКнын архивинин азыркы абалы менен таанышуу максатында жумушчу топ түзүлүп, анын курамына Н. Айдабосунова, А. Болгонбаев, Ч. Турдалиевалар кирген. Жыйынтыгында жумушчу топ 2020-жылдын 23-

январдагы жыйында корутундусун Кеңештин кароосуна алып чыккан. Анда архивдин абалы жалпысынан оор экен деп таап КТРКнын башкы директору Ж.Үсөн уулуна тиешелүү тапшырмалар берилип, архивди жакшыртуу боюнча сунуш киргизүүсү тапшырылды.

***Кеңештин мүчөлөрүнүн бийлик өкүлдөрү менен жолушуулары***

- 2020-жылдын 10-мартында КТРКнын Байкоочу кеңешинин мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин Төрагасы Дастанбек Жумабеков менен жолугушуп пикир алышышты. Жолугушууда КТРКнын ишмердүүлүгү жана анын өлкөдөгү маалымат коопсуздугун бекемдөөдүгү ролу сөз болду. Тараптар ошондой эле КТРКнын ишин кыйла оңдой ала турган маселелерди да талкуулашты.

- 2020-жылдын 10-мартында КТРКнын Байкоочу кеңешинин мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын Премьер-министри Мухамедкалый Абылгазиев менен да жолугушуу курду. Жолугушууда Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын каржылоо көлөмдөрүн жана кызматкерлердин айлык-маянасын жогорулатуу жөнүндө маселе көтөрүлүп, Премьер-министрдин кароосуна бул тууралуу кат-сунуштама тапшырылды.

***Байкоочу кеңештин жыйындары***

**Май 2019**

- **Кеңештин отуруму 06.05.2019 Протокол №123/19**
  -Башкы директор Жайнак Үсөн уулунун Россия Федерациясынын Москва шаарында корреспонденттик пунктун ачуу маселеси каралып, Кеңеш тарабынан сунуш пикирлер айтылып, маселе макулдашылды.

**Май 2019**

- **Кеңештин отуруму 30.05.2019 Протокол №124/19**
  -КТРКнын башкы директору Ж. Үсөн уулу сунуштаган КТРКнын көрсөтүү, уктуруулары медиа изилдөө негизинде баалоо долбоорун Байкоочу кеңеш колдоп берди.
  -Жарандык коомдон келип түшкөн каттарын кароодон улам КТРКнын youtube каналын монетизациялоо маселесин кайра жакшылап иштелип чыгуусу сунушталды.
  -КТРКнын менеджментине коом тарабынан келген каттар тууралуу тапшырмалар берилди.

**Июнь 2019**

- **Кеңештин отуруму 26.06.2019 Протокол №125/19**
  - КТРКнын Байкоочу кеңешинин төрагасын шайлоо өткөрүлдү. Шайлоонун негизинде Ж. Жекшеев 2-мөөнөтүнө шайланды.
  -Жарандардан келип түшкөн каттарды кароо;

**Сентябрь 2019**

- **Кеңештин отуруму 26.09.2019 Протокол №126/19**
  - БК Төрагасы сунуштаган иш планын бекитти.
  К. Болоткановдун жана А. Алхожоевдин Байкоочу кеңештин ишмердиги тууралуу сунуштары иш планга киргизилди.
  -БК мүчөсү Н. Айдабосунованын «Учурдун талабы жана КТРКнын милдеттери» темасы боюнча изилдөөсү угулду.
  - Жарандардан келип түшкөн арыз каттарды кароо;

Октябрь 2019

- **Кеңештин отуруму 17.10.2019 Протокол №127/19**

- Д. Садырбаев атындагы "Кыргызтелефильм" студиясынын иши менен таанышуу боюнча КТРКнын Байкоочу кеңешинин мүчөлөрүнөн турган жумушчу комиссия түзүлдү. Жумушчу комиссияга Ж. Бакашова, А. Асанова жана К. Болотканов киришти.

Жумушчу комиссия жыйынтыгын БК жыйынында тартуулоо тууралуу тапшырма берилди.

-КТРКнын архивинин абалы менен таанышуу боюнча КТРКнын Байкоочу кеңешнин мүчөлөрүнөн турган жумушчу комиссия түзүлдү. Жумушчу комиссияга Н. Айдабосунова, А. Болгонбаев, Ч. Турдалиева киришти.

-Жумушчу комиссия жыйынтыгын БК кийинки жыйынында тартуулоо тууралуу тапшырма берилди.

-КТРКнын башкы директору Ж. Усөн уулу Байкоочу кеңештин кийинки жыйынына жаңы-жылдык программаларды тартууга даярдык көрүү боюнча маалымат берүү тапшырылды.

Декабрь 2020

- **Кеңештин отуруму 18.12.2019 Протокол №128/20**

- КТРК Байкоочу кеңешинин төрагасы Ж. Жекшеевдин өз ыктыяры менен төрагалык жана БК мүчөлүк ыйгарым укугун токтотуу маселесин каралып, канаатандырылды.

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитетине Ж. Жекшеевдин КТРКнын БКтин мүчөлүгүнөн өз каалоосу менен кеткендигине байланыштуу ордуна белгиленген тартипте жаңы мүчөнү шайлоо туралуу кат жөнөтүлдү.

-КТРК БК төрагасынын милдетин убактылуу аткаруучусу болуп Н. Айдабосунова бекитүү маселеси каралды.

-КТРКнын 2019-жылдагы жаңы-жылдык көрсөтүүлөр боюнча маалымат каралды.

-2019-жылында КТРКда жүргүзүлгөн ремонт иштерине чыгымдалган бюджеттик каражаттар жөнүндө маалымат каралды.

Январь 2019

- **Кеңештин отуруму 23.01.2020 Протокол №129/20**

- КТРКнын архивинин азыркы күндөгү абалы тууралуу маалымат угулду. КТРКнын архивинин абалы боюнча башкы директор Ж. Усөн уулуна кийинки сунуштар айтылды.

а) Архивдик материалдар сактоочу жайды кеңейтүү, керектүү жабдыктар менен камсыздоо;

б) КТРКнын архивинин кызматкерлеринин иштеген жерлеринин канчалык зыяндуулугу бар экендигин аныктап, эмгек акысын жогорулатуу;

в) КТРКнын архив кызматчыларынын социалдык жагынан колдоо иретинде ашканадан алып ичкен ысык бир маал тамагынын баасын арзандатуу;

г) Жаш кадрларды даярдоого көңүл бурулсун: шакирт даярдоо жолго коюлсун;

д) Архивдеги сейрек материалдарды («Алтын казынада») эки экземплярда сакталсын.

ж) Архивдик материалдарды сатпоо, дыкаттык менен пайдалануу.

-«Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу маалымат берүүсү КТРКнын менеджментине тапшырылды.

-«Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» Мыйзамга ылайык КТРКда сырткы аудит жүргүзүү иши КТРКнын башкы директору Ж. Усөн уулуна тапшырылды.

**Февраль 2019**

- **Кеңештин отуруму 06.02.2020 Протокол №129/20**

-КТРКнын башкы директорунун радио уктуруу боюнча орун басары Абдрахман уулу Ш. кызматтан кетүү маселеси каралды.

-КТРКнын башкы директорунун радио уктуруу боюнча орун басары болуп А. Мусаев бекитүү.

-КТРКнын радио уктуруу боюнча убактылуу милдетин аткаруучу башкы директорунун орун басарын дайындоо жөнүндө жаңылыктар ката менен кеткендиги үчүн «Ала-Тоо24» каналынын продюсерине чара көрүү КТРКнын башкы директору Ж. Усөн уулуна сунушталсын.

-Д. Садырбаев атындагы «Кыргызтелефильм» студиясынын ишмердиги жөнүндө маалымат эске алынсын. КР КТРКнын Байкоочу кеңешинин мүчөлөрү тарабынан айтылган ой-пикирлери/сунуштары КТРКнын башкы директору Ж. Усөн уулу эске алсын.

-А. Болгонбаев КТРКнын Байкоочу кеңешинин шайланган төрагасы деп табылсын.

-КТРК тышкы финансалык тышкы аудит өткөрүүсү тапшырылды.




***Тармактагы Корпорациянын абалы тууралуу маалыматтар***

КТРК ар кандай керектөөлөрү бар аудитория үчүн ар түрдүү жанрдагы теле жана радио каналдары бар жалгыз ири теле жана радио берүүчү корпорация. 6 телеканал жана 3 радиостанция күндө өзү даярдаган чоң көлөмдөгү контент чыгарат.

Отчеттук мезгил аралыкта КТРКнын өздүк берүүлөрү мурунку жылдарга салыштырмалуу эки эсе көбөйгөн.

*Графика 2. 3 ичиндеги өздүк программалардын өсүү динамикасы*




Ошону менен 2019-жылдын жыйынтыгында 2017-жылга салыштырмалуу өздүк берүүлөр 114%га же 2,1 эсеге көбөйгөн. Өздүк берүүлөрдүн көбөйүүсү 2019-жылы коомдук жана мамлекеттик иш чараларды трансляциялоонун кеңейтилүүсү менен байланыштуу. Андан тышкары телеканалдарды программалоо методикасын оптималдаштыруунун да таасири бар. Анда эфирдик сезон үчүн долбоорлорду тандоо ички сынагы өткөрүлгөн жана бир нече долбоорлорду бир тартууга стационардык павильон куруу үчүн 600кв.м болгон эң чоң ТВ студияда оңдоо иштери жүргүзүлгөн.

Трансляция жөнүндөгү маалыматка ылайык, отчеттук мезгил аралыкта 8 миң саат оригиналдык берүүлөрдүн көлөмү ишке ашырылган, б.а. бул КТРКнын өздүк программалары, кайталоо жана архив материалдары эсепке алынбайт.

***«ТРБ тууралуу» КРдин Мыйзамына ылайык берүүлөрдүн нормасын аткаруу***

«ТРБ жөнүндөгү» КРнын Мыйзамынын «50%дан кем эмес ата-мекендик продукцияны жана мамлекеттик тилдеги продукцияны трансляциялоо тууралуу» 8 беренесинде (2017-жылдын 4-майындагы №75 КР Мыйзамынын редакциясында) көрсөтүлгөн берүүлөрдүн нормаларын аткаруу жагынан, отчеттук мезгилде КТРК каналдары тарабынан төмөнкү пропорцияларда трансляциялоо жүргүзүлдү:

*Таблица 1. КТРК каналдарынын берүүлөрдүн нормасын аткаруусу жалпы көлөмдүн үлүшү көрсөтүлгөн*

| КТРКнын теле и радио каналдары | Кыргыз тилиндеги программалардын көлөмү | | Ата-мекендик программалардын көлөмү | |
|---|---|---|---|---|
| | Жалпы берүүлөрдөн 7:00 ден 00:00 чейин | Прайм тайм 7:00 ден 10:00 чейин, 18:00 ден 23:00 чейин | Жалпы берүүлөрдөн 7:00 ден 00:00 чейин | Прайм тайм 7:00 ден 10:00 чейин, 18:00 ден 23:00 чейин |
| | 74,4% | 73,6% | 77,4% | 80,1% |
| 24 АЛА-ТОО | 57,8% | 56,2% | 96,1% | 97,5% |
| МАДАНИЯТ ТАРЫХ ТИЛ | 61,0% | 57,5% | 93,4% | 99,0% |
| МУЗЫКА | 86,9% | 84,8% | 90,6% | 88,3% |
| КТРК СПОРТ | 58,4% | 56,5% | 39,9% | 40,1% |
| Баластан | 16,3% | 18,3% | 8,7% | 9,0% |
| КЫРГЫЗ радиосу | 100% | 100% | 100% | 100% |
| МИН КЫЯЛ FM | 100% | 100% | 92% | 92% |
| **Биринчи Радио** | 65% | 72% | 88% | 76% |

КТРКнын эки каналы: Спорт жана Баластан үчүн контент даярдоодо жогоруда айтылган нормаларды аткаруу кыйынчылыктарды жаратууда. Бирок, бул дал келишпегендин себептери бул секторлордун жетишээрлик деңгээлде өнүкпөгөнүнө байланыштуу. Маселен, Спорт каналы үчүн ата-мекендик контентти даярдоо ата-мекендик спорттун өнүгүүсүнө түздөн түз байланышы болсо, балдар телеканалынын балдар үчүн даярдаган контентинин үлүшү каржылоо булактарынан жана анын көлөмүнөн көз каранды болууда.

Демек, мамлекетте балдар үчүн продукция жасаган ири өндүрүштөрдүн жоктугуна байланыштуу балдар контенти жергиликтүү продакшн студияларга кызыксыз. Анткени алар

биринчи кезекте коммерциялык пайда табууну көздөшөт. Анимациялык фильмдер, өспүрүмдөр үчүн ситком, сериалдар, көркөм тасмалар, билим берүүчү жана илимий программалар сыяктуу балдар контентинин жанрлары жергиликтүү медиарынокто жокко эсе. Айрым бирин-серин болуучу учурларды эске албаганда.

2019-жылы КТРКнын телевизиондук каналдары суткасына 135 саат көлөмдөгү берүүлөрдү ишке ашырып жатышты. КТРКнын радиоберүүлөрү суткасына 66 сааттык берүү даярдады.

*Таблица 2. КТРК каналдарынын телевизиондук берүүлөрдүн бир суткалык көлөмү*

| Телеканал | берүүлөрдүн бир суткалык көлөмү |
|---|---|
| "Коомдук Биринчи канал" | 24 саат |
| "КТРК Музыка" | 24 саат |
| "Баластан" | 15 саат |
| "КТРКСпорт" | 24 саат |
| "Маданият-Тарых-Тил" | 24 саат |
| "Ала-Тоо 24" | 24 саат |

*Таблица 3. КТРКнын радиоканалдарынын берүүлөрүнүн бир суткалык көлөмү*

| *Радиоканал* | *берүүлөрдүн бир суткалык көлөмү* |
|---|---|
| "Биринчи радио" | 18 часов |
| "Кыргыз радиосу" | 24 часа |
| "Миң Кыял ФМ" | 24 часа |

### «КТРК жөнүндө» Мыйзамындагы берүүлөр боюнча маселелерди ишке ашыруу

*Таблица 4. Каналдардын биргелешип ишке ашырган көлөмү (ТВ жана радио)*

| | «КТРК жөнүндө » Мыйзамындагы нормаларга ылайык | КТРКнын көрсөткүчтөрү |
|---|---|---|
| Мамлекеттик тилде берүүлөрдү ишке ашыруу | 50 %дан кем эмес | Берүүлөрдүн 64%ы кыргыз тилинде |
| Балдар, жаштар, көңүл ачуучу жана билим берүүчү программаларга эфир бөлүп берүү* | 30%дан кем эмес | Берүүлөрдүн 35%ы балдарга билим берүүчү, жаштар жана көңүл ачуучу тематикага |
| Ата-мекендик контентке берүүлөрдү бөлүп берүү** | 70%дан кем эмес | Контенттин 73%ы ата-мекендик өндүрүш |
| Мамлекеттик органдардын расмий билдирүүлөрдү таркатуу*** | | Тынымсыз жүргүзүлүп турат |

КТРКдагы 2019-жылдагы балдарга билим берүү тематикасына карата берүүлөр «Баластан» телеканалынын студиялары жана «Балдар FM» студиясы тарабынан жүргүзүлүшкөн. Эгерде телеканал студиясы берүүлөрдү «Баластан» адистештирилген балдар-билим берүү телеканалы үчүн артыкчылыктуу жүргүзүп турса, экинчи студия болсо

продукция менен балдар радиоаудиториясын камсыздап турат. Жаштар үчүн көңүл ачуу жанрдык сегментин «Музыка» телеканалынын жана «Миң Кыял FM» радиостанциясынын берүүлөрү толтуруп турушат.

* Балдар үчүн билим берүүчү контент «Баластан» телеканалында жана Биринчи Радиодогу «Балдар FM» радио программлардын эфиринде сунушталат. Жаштар үчүн жана көңүл ачуучу жанрындагы сегментти КТРКнын «Музыка» телеканалы жана «Миң Кыял FM» радиостанциясы жабат.

** Корпорациянын телерадиоканалдарынын эфириндеги тышкы контент анимациялык жана кино-музыкалык, андан тышкары документалдык фильм жана эл аралык өнөктөштөрдүн программлары катары берилет, жана алардын жалпы көлөмү КТРКнын бардык контентинин 20%нан ашпайт. Калган көлөмдү өздүк өндүрүштөгү кинопродукциялар, Кыргызстандын аймагындагы «продакшн студиялар» тарабынан даярдалган программалар түзөт.

*** 2019-жылы мамлекеттик структуралар менен кызматташуунун негизинде бардык стратегиялык жактан маанилүү жана олуттуу мамлекеттик иш чаралар чагылдырылган. Андан тышкары, мамлекеттик органдар тарабынан жасалган иштер жана расмий билдирүүлөрдү КТРК аркылуу калкка жеткирүү ишке ашырылды.

Төмөндөгү графикте 2019-жылдагы мамлекеттик уюмдар берген маалыматтын трансляциясынын көлөмү көрсөтүлгөн.

*Графика 3.*





КТРКнын ресурстары колдонуу менен трансляцияланган Мамлекеттик маанидеги негизги иш чаралардын тизмеси:

- Шанхай кызматташуу уюмунун мамлекет жетекчилеринин Кеңеш Жыйыны – 2019-жылдын июнь айындагы ШКУ Саммити. Бардык расмий салтанаттарды, маанилүү жолугушууларды, саммит алкагындагы жыйындарды, анын ичинде Мамлекет жетекчилерин «Манас» аэропортунан тосуп алууларды тартуу жана түз эфирде трансляциялоо.

- Ош шаарында "Түрк дүйнөсүнүн маданий борбору" алкагында болуп өткөн бардык иш-чараларды алып берүү иштери жүргүзүлдү»;
- 2019-жылдын ноябрь айында Бишкектеги ЖККУнун Жамааттык коопсуздук Кеңешинин Сессиясын чагылдыруу;
- 2019-жылдын 14-ноябрында Долон Омурзаков атындагы стадиондон Кыргызстан жана Япония курама командаларынын футбол боюнча беттешин түз алып берүү иштери жүргүзүлдү.
- Жалпы улуттук маанидеги маарекелик иш чараларды трансляциялоо жана чагылдыруулар:
  - «Кыргыз Республикасынын Баатыры» жогорку өзгөчөлүк наамы менен сыйланган, Кыргызстандын мамлекеттин ишмери Турдакун Усубалиевдин 100 жылдыгы;
  - Кыргыз АССРинин эл артисти, Саякбай Каралаевдин 125 жылдыгы;
  - СССРдин эл артисти, көрүнүктүү сүрөтчү жана киноактер Сүймөнкул Чокморовдун 80 жылдыгына КТРКнын эки телеканалынын бир күндүк эфири арналды. Анда көркөм тасмалар, документалдык жана биографиялык фильмдер көрсөтүлүп, репортаждар жана сюжеттер даярдалган;
  - «Кыргыз Республикасынын Баатыры» жогорку өзгөчөлүк наамы менен сыйланган, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик ишмери, Дооронбек Садырбаевдин 80 жылдыгына КТРКнын каналдарынын жумалык эфири арналды. Анда көркөм тасмалар, документалдык жана биографиялык фильмдер көрсөтүлүп, репортаждар жана сюжеттер даярдалган;
  - 2019-жылдын 9-декабрында КРнын Президенти С.Ш. Жээнбековдун катышуусу менен Мамлекеттик сот системасынын 95 жылдыгына карата Т.Сатылганов атындагы улуттук филармониядагы маарекенин трансляциясы;
  - 2019-жылдын 22-ноябрында Кыргыз прокуратурасынын 95 жылдыгына арналган салтанатту иш чаралардын трансляциясы;





  - Баткен облусунун Охна айылында өткөн Көрүнүктүү мамлекеттик ишмер Абдыкадыр Орозбековдун 130 жылдыгына арналган маарекени тартуу жана трансляциялоо;
  - А. Осмонов атындагы Улуттук китепкананын 85 жылдыгына арналган иш чараларды чагылдыруу;
  - жана башкалар;
- Мамлекеттин биринчи өкүлдөрүнө: Кыргыз Республикасынын Президенти, Жогорку Кеңештин Спикери, КРнын Премьер-министрине байланышкан бардык олутуу окуялар

жана иш чаралар күндө ТВ жана радионун жаңылыктар бөлүмүндө чагылдырылат;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ишмердүүлүгүн чагылдырган, жума сайын даярдалып жана чыгарылган программалар: «Кыргыз Өкмөтүндө», «Стратегия2040», окуялык репортаждар;
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишмердүүлүгүн чагылдырган «Парламент», «Парламентаризм сабактары» жума сайын чыгуучу программаларын эфирде тартууланат;
- Жума сайын чыгуучу «Өзгөчө кырдаалдар», «Телекүзөт» программалары аркылуу КРнын ӨКМ жана ИИМ менен кызматташуу жүргүзүлөт;
- 2019-жылдын сентябр айында Талас облусунда көчмөндөр оюндарынын алкагында өткөн иш чара менен мелдештерди тартуу жана трансляциялоо болду;




Ошону менен «КРнын Коомдук телерадио корпорациясы жөнүндө» КРнын Мыйзамында көрсөтүлгөн берүүлөрдүн нормаларын ишке ашыруу боюнча КТРК өз милдетин толугу менен аткарып жатат.


### ***КТРКнын каналдарынын рейтингдик изилдөөлөрдөгү орду***

Эл аралык Республикалык Институттун буйрутмасы менен 2019-жылдын ноябрь айында SIAR Research and Consulting жана Gallup компаниялары тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөргө ылайык, сурамжылоого алынган респонденттери тарабынан КТРКнын "Коомдук биринчи каналы" жана "Биринчи радио" каналдарын жаңылыктардын жана саясий маалыматтарды берген эң ишенимдүү булак деп табылган.

*Графика 4. SIAR Research and Consulting*




*Графика 5 SIAR Research and Consulting*



2019-жылы «М-Вектор» консалтинг компаниясы жүргүзгөн "Чүй облусунун жана Бишкек шаарынын калкынын кайсы радиолорду угаарын аныктоо" рейтингдик изилдөөсүнө ылайык, КТРКнын радио каналдарынын бири болуп саналган "Миң-Кыял FM" эң көп угула турган радиостанциялардын бешилтигине кирген.

*Графика 6. "М-Вектордун" изилдөөлөрүнүн презентациясынан*



***Камтуу аймагын кеңейтүү жана кабыл алуунун сапатын жакшыртуу***

**Спутник аркылуу таркатуу** КТРКнын телеканалдарынын камтуу аймагын кеңейтүү максатында, өзгөчө сигналды кыргыз жердештерибиз жашаган эң алыскы өлкөлөргө жеткирүү үчүн «Turksat» түрк спутник компаниясы менен 2019-жылдын октябр айында макулдашуу ишке ашты. Ага ылайык, «Ала-Too 24» каналы Түркия, Европа, Жакынкы Чыгыш жана Түндүк Африка өлкөлөрүнө трансляцияланат. Бул кызмат түрк телекомпаниясы тарабынан акысыз түрдө ишке ашырылууда. КТРКнын бардык каналдарын спутнике чыгаруу боюнча «Turksat» компаниясы менен консультациялар уланууда. Аталган спутник толкундарында биздин берүүлөр кыргыз жана орус тилдеринде таркатылууда.

**HD-ге которуу** ТРРМ РӨБ менен сүйлөөшүлөрдүн жыйынтыгында 2019-жылдын май айынан тартып КТРКнын эки каналы «Ала-Тоо 24» жана «КТРК Спорт» жогорку форматтагы көрсөтүү HD 16:9 өткөрүлдү. Мурун көрсөтүлүп жүргөн стандарттуу форматка салыштырмалуу көрсөтүүнүн сапаты 5 эсе жогорулатылды. Бул көрсөтүүнү жакынкы аралыктан карап, жана чоң көлөмдөгү экрандуу телевизорлордуу колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

Көрүүчүлөрдүн телевизорлоруна жогорку деңгээлдеги ачык жана даана көрсөтүүлөр берилет.

*Төмөндө HD менен SD форматтардын түстөрдү берүүдөгү айырмачылыгы иллюстративдүү түрдө көрсөтүлгөн.*




***2019-жылы КТРК алган жаңы радио жыштыктар***

КТРКнын «Биринчи радио», «Кыргыз радио» жана «Миң-Кыял FM» радиоканалдарынын FM камтуу диапазонун кеңейтүү максатында КТРК тарабынан КРдин МТБ МК караштуу МБАга билдирме жөнөтүлгөн. КРдин Өкмөтү бекиткен «радио жыштыкты колдонуу боюнча лицензиялык ишмердүүлүк тууралуу» жаңы жобонун негизинде жана өз убагында КТРК тарабынан ишке ашырылган көлөмдүү жана натыйжалуу иштин жыйынтыгында ири 10 калк

жайгашкан пунктан 16 радио жыштык тандалып, берилди. Бул аймактарда калктын жалпы саны 340 732 кишини түзөт.

2019-ж КТРКга берилген жыштыктар жана эксплуатацияга алынган РВ передатчиктер:

- РРС-61«Баетово» Актала району(калкынын саны-11713) - Биринчи радио FM 104.1;
- РРС-22«Кара Куль» Жалал-Абад облусу(калкынын саны -17983)-Биринчи радио FM 102.0;
- РРС-43«Ат-Башы» Нарын облусу(калкынын саны -60724) – Биринчи радио FM 103.5;
- РРС-28 «Додомол» Жалал-Абад облусу(калкынын саны -24106)– Биринчи радио FM 103.9;
- РРС- «Кара Балта» Чүй облусу(калкынын саны -41989) – Биринчи радио FM 105.3;
- РРС- 12 «Түлөк» Соң Көл, Нарын облусу(калкынын саны -3561) –Биринчи радио FM 102.6;
- РРС-57 «Доорот Коргон»,Чоң Алай району (калкынын саны -10362)- Кыргыз радио FM 102.5;
- РРС-34«Гульчө», Алай району, Ош облусу(калкынын саны -61546)-Кыргыз радио FM 101.7;
- РРС-43 «Ат Башы», Нарын облусу(калкынын саны -60724) - Мин Кыял FM 97.2;
- РРС-64 «Чоң Дөбө», Жумгал району(калкынын саны -48024) -Мин Кыял FM 103.5;


КТРКнын техникалык көзөмөл бөлүмү тарабынан ТРРМ РӨБда АТР жана РРСде жыл сайын пландуу жүргүзүлгөн инспектордук текшерүүлөр, ошондой эле ТРРМ РӨБ объектилериндеги брак, эскерүү жана техникалык токтоп калуулардын төлөмүн жокко чыгаруунун эсебинен, КТРКнын трансляция жүргүзүүгө бөлүнгөн каражаттарын үнөмдөп 10 даана РВ передатчиктери эксплуатацияга киргизилген, жана ошондой эле 8-и кароодо.

КТРКнын балансындагы радио жыштык спектрин колдонуу боюнча иш алып баруунун жыштык менчиктерине уруксат берүү жана техникалык жана юридикалык жактан лицензиянын мөөнөтүн узартуу боюнча этап-этабы менен иштер жүргүзүлдү.

## *2.1. 2019-2020 телесезонунун жаңылануулары жөнүндө маалымат*


**Конкурс аркылуу долбоорлорду кабыл алуу тажрыйбасын киргизүү.** 2019-жылдан тартып Генералдык директор Ж.Үсөн тарабынан жаңы телесезон үчүн долбоорлордун ички конкурсун жүргүзүү аркылуу телеберүүлөрдүн торчосун түзүүнүн жаңы методикасы сунушталган. Төмөндө эфирдик сезонду түзүүнүн процессин уюштуруунун ирээти блок-схемалар түрүндө, этаптардын баяндалышы жана функционалдык милдеттери менен көрсөтүлгөн.

*Схема 1. Жаңы эфирдик сезон үчүн долбоорлордун конкурсун уюштуруунун схемасы*





Жүргүзүлгөн оптималдаштыруунун артыкчылыктары – аудиториянын керектөөлөрүнө ылайык болуу, эфирдик долбоолорду жаңыртуу жана кызыгы тараган программаларды жабуу, Корпорациянын бюджетин эске алуу менен берүү торчосун жүргүзүү жана калыптандыруу мүмкүнчүлүгү.

# Негизги каналдын берүүлөр сеткасы




Доля телепросмотра в течении недели %





| Привычки телесмотрения будни | Время | дүйшөмбү | шейшемби | шаршемби | бейшемби | жума |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 6:58 | Кыргыз Республикасынын Гимни | | | | |
| Время раннего телепросмотра, подготовка к работе. Информационно развлекательный блок | 7:00 | Жаңылыктар (кырг.) (шейшемби,бейшемби- орусча)жазуу | | | | |
| | 7:10 | Таңкы программа "Замана". Түз эфир.Шейшемби, бейшемби-орус тилинде | | | | |
| | 9:00 | Жаңылыктар (кырг.)(шейшемби,бейшемби- орусча) түз эфир | | | | |
| Познавательно развлекательный блок (время домохозяек) | 9:10 | Таңкы программа "Замана". Түз эфир | | | | |
| | 10:00 | Телесериал (дүйшөмбү-бейшемби) | | | | Көркөм фильм |
| | 11:00 | Жаңылыктар (Орус тилинде) Түз эфир.Реклама | | | | |
| | 11:15 | Сериал (кайталоосу, дүйшөмбү-жума) | | | | (уландысы) |
| | 12.00 | Көрсөтүүнүн кайталоосу. Өздүк жана продакшн. | | | | |
| | 12:30 | Көркөм фильм "Кыргызфильм", КМШ, чет элдик орус тилинде | | | | |
| Альтернативное время | 13:00 | Жаңылыктар (кырг.) Түз эфир. | | | | |
| | 13:15 | Көркөм фильмдин уландысы. | | | | |
| | 14:00 | Даректүү фильмдер. (Би-Би-Си, Кыргызкино телефильмдер) | | | | |
| | 15:00 | Жаңылыктар (Орус тилинде) Түз эфир.Реклама | | | | |
| | 15:20 | "Жүнгөгө сапар" | | | | |
| | 16:20 | Арууzat (дүйшөмбү - жума) Түз эфир | | | | |
| | 17:00 | Жаңылыктар (кырг.тилинде) Түз эфир. | | | | |
| | 17:15 | Реклама | | | | |
| Предпрайм | 17:20 | Договорные мультфильмы, анонсы | | | | |
| | 17:25 | "Ким макул?" - ток-шоу. Түз эфир (дүйшөмбү- жума) (МТТ) | | | | "Манас таануу" |
| | 18:25 | Реклама | | | | 18:05"Парламент" |
| | 18:30 | "Стратегия 2040" | "Би-Би-Сиден сапар" | "Парламентаризм сабактары" | "Кыргыз өкмөтүндө | |
| | 18:55 | Реклама | | | | |
| ВЕЧЕРНИЙ ПРАЙМ-ТАЙМ Время рассчитанная на городскую аудиторию, вернувшуюся с работы | 19:00 | "Ала-Тоо" Информационная программа(орус тилинде)Түз эфир | | | | |
| | 19:40 | Реклама | | | | |
| | 19:45 | "Агрочарба" | "Телекузет" | "Санарип" (кырг.) | "Телекузет" | "Санарип" (кырг.) |
| | 20:05 | Реклама | 20:35 Реклама | 20:40 Реклама | 20:35 Реклама | 20:40 Реклама |
| ПИК ВЕЧЕРНЕГО ПРАЙМ ТАЙМА Время для семейного просмотра. собирается наибольшая аудитория. | 20:10 | "Демократия сабактары" (Саясый публиц.) | "Ой ордо" (Саясат, экономика) 50 мин. | 20:45 "Эл билет" (Социалдык маселелер) | "Ой ордо" (Саясат, экономика) 50 мин. | "Эл билет" (Социалдык маселелер) 55 мин. |
| | 20:55 | Реклама | 20:45 Реклама | | | |
| | 21:00 | "Ала-Тоо" Маалымат программасы (кыргыз тилинде) Түз эфир | | | | |
| ПОДВЕДЕНИЕ ИТОГОВ ДНЯ: Вечерние новости и аналитика событий текущего дня | 21:40 | Реклама | | | | |
| | 21:45 | Атайын репортаж | Президентти багыты | Атайын репортаж | Президентти багыты | Аймакты өнүктүрүү |
| | 21:55 | Реклама | | | | |
| РАССЛАБЛЕНИЕ ПЕРЕД СНОМ: Блок музыкально развлекательный передач/худ.фильмов | 22:00 | Би-Би-Си (жаңылыктар) | | | | |
| | 22:15 | Телесериал (дүйшөмбү-бейшемби) | | | | "Сонун-шоу" |
| | 23:00 | Көркөм фильм (дүйшөмбү-бейшемби) | | | | "Аккордеон сыздайт" |
| | 00:00-6:57 | Боевик | Фантастика | Мелодрама | | |

| Время | ишемби | жекшемби |
|---|---|---|
| 7:00 | Таңкы музыкалык блок | |
| 7:30 | Көрсөтүүлөрдүн кайталоосу (МТТ) | |
| 8:30 | Илимий-популярдуу фильм (чет элдик) | |
| 9.00 | Жаңылыктар | |
| 9:05 | Балдар үчүн программалар блогу | "Атам, апам жана мен" Шоу программа |
| 10:00 | Новости | Балдар үчүн программалар блогу |
| 10:05 | Балдар үчүн программалар блогу | |
| 11:45 | "Акыл ордо" | Көркөм фильм |
| 12:30 | "Стимул", "Бийиктик" | "Мекенге кызмат" |
| 12:50 | Автордук жана юбилейлик кечелерден көрсөтүүлөрдүн кайталоосу | "Кыз-жигит сармерден", "Ырдайлы кыргыз ырларын" ж.б. |
| 13:00 | Новости, реклама, анонс | |
| 13:15 | Уландысы | Уландысы |
| 14:00 | Жаңылыктар, реклама, анонс | |
| 14:15 | Уландысы | |
| 15:20 | Жүнгөгө сапар | |
| 16:20 | "Арууzat" | Классикалык чыгармалар |
| 17:00 | Жаңылыктар | |
| 17:15 | Реклама | |
| 17:20 | "Кылым күүлөрү" | "Эң Мыкы шоу" |
| 17:30 | "Тоолуктардын ток шоусу" | |
| 18:30 | "Жылдыздар манежде" (МТТ) | Реклама |
| | | "Бактылуу айым" |
| 19:30 | "Ден соолук +" | |
| 19:55 | Реклама | Реклама |
| 20:00 | "Кайдасың?" | "Биздин айыл" |
| 20:30 | Продакшн "Эл эмне дейт?" | Борбордук Азия таланттары. Түз эфир |
| 20:55 | Реклама | |
| 21:00 | Итоги недели | Жумакайрык |
| 21:55 | Реклама | |
| 22:00 | "Алтынчы күнү кечинде" ток-шоу | "Асман - шоу" |
| 23:00 | "One travel" | "Серенада" (МТТ) |
| 23:25 | Концерт трансляция | Көркөм фильм. Мелодрама |
| | Көркөм фильм. Мелодрама | |

***Тартуу процесси жүргүзүлө турган студияларды оптималдаштыруу***

2019-жылы **АСБ-600 (600 м²)** студиясында оңдоо иштери жүргүзүлгөн. Анда студия бир нече тартуу зоналарга/павильондорго бөлүнгөн. Себеби 600 метр квадрат студияны эксплуатациялоо практикасы көрсөткөндөй электр энергиясын жана адамдын эмгегин сарптоо боюнча анын эффективдүүлүгү жагына бир катар суроолоду жаратып келген.

*Таблица 5. АСБ 600 студиясын кайра пландаштыруусунун артыкчылыктары*

| **Мурда кандай эле?** | **Эми кандай болуп калды?** |
|---|---|
|  |  |
| **Пайдаланылышы:** Бир же эки долбоорду тартуу үчүн бир күндүк убакыт сарпталчу, декорацияларды чогултуп/жыйноого көп убакыт кетчү; | **Пайдаланылышы:** Бир күндүн ичинде төрт туруктуу ТВ шоу долбоорлор тартылат. **Анын ичинен 3сү түз эфирде берилет, ошону менен өндүрүшкө кеткен каражат үнөмдөлөт;** |
| **Декорациялар:**<br>• күндө складдан студяга жана кайра ташылат;<br>• декорациялардын элементтери тез арада эскилиги жетет. Себеби тынымсыз бир орундан экинчи орунга транспортировкаланып турчу;<br>• эскиздик долбоорго так-даана дал келишпейт, программадан программага өзгөрө берет;<br>• эксплуатациянын мөөнөтү кыска болгондуктан бат-баттан оңдоп түзөө иштерин талап кылат; | **Декорациялар:**<br>• 4 ири бренддик шоу долбоордун стационардык декорациялары;<br>• кымбат турган декорациялардын колдонуу мөөнөтү узарды;<br>• баштагы эскиздерге так-даана дал келишүүсү; |
| **Техника:**<br>• тартуу техникасынын көп учурда ишсиз турушу, ошол эле учурда техниканын жетишсиздиги; | **Техника:**<br>• күн бою тартуу жабдыктарын конвейердик түрдө колдонуу; камералар долбоорлорду айланып тарта беришет, ашыкча транспортировка кылуунун кажети жок; |
| **Чыгашалар:**<br>• декорацияларды чогултуп кайра жыйноого байланыштуу туруп калган мезгилде электр энергиясын жана жылуулукту эффектидүү эмес колдонуу;<br>• адамдын эмгек ресурсунун ашыкча колдонулушу, оор элементтерди ташуу, жарык берүүчү жабдыктарды дайым тууралоо иштери; | **Чыгашалар:**<br>• жылуулук жана электр энергиясын эффективдүү колдонуу;<br>• адамдын эмгек ресурсун сарптоо минималдуу;<br>• учурдагы долбоорлордун декорацияларын оңдоп-түзөө иштерине чыгашалардын кыскарышы;<br>• операторлор ишсиз туруп калбайт; |

Натыйжада эң чоң тартуу аянтын 600 квадрат метрди ээлеген **АСБ-600** студиясы төрт тартуу аймактарына бөлүнгөн. Таңкы көңүл ачуучу «Замана» программасы, «Эл билет» социалдык ток-шоу, «Ой ордо» ток-шоусу жана «Аруузат» тележурналы телевизиондук долбоорлору үчүн стационардык кымбат декорациялар орнотулган. Күнүмдүк колдонууда мурункудай кыска убакытта эскилиги жетпейт, бузулбайт.

**АСБ-120 (120 м²)** Кайра пландаштырууга байланыштуу «Замана» студиясы АСБ-120 (120 квадрат метр) студиясынан АСБ-600гө көчүрүлгөн. Мурун «Замана» күнүнө 3 саат гана, стационардык декорацияларда тартылчу. Андан башка тартуу процесстери жүргүзүлчү эмес. Эми бош калган АСБ-120 студиясы «Маданият Тарых Тил» телеканалына берилди. Ал жерде күнү-түнү тартуу иштерин жүргүзүп, түз эфирлерди алып барышса болот.

*Таңкы көңүл ачуучу «Замана» программасынын студиясы*



**«Ала-Тоо24» телеканалынын иш алып баруусунун өзгөрүшү**

2019-2020 жаңы телесезонуна «Ала-Тоо24» телеканалы жаңы эфирдик жасалгалоо, күн тартибинде маалыматты берүү стилистикасын өзгөртүү жана түз эфирлерди жүргүзүү студиясынын жаңыланышы менен өттү:

- Канал ыңгайлуу кабыл алынуусу үчүн түс схемасы жана визуалдык жасалгалоо өзгөртүлдү. Мурунку түстөрдүн ордуна күңүрт көк, кочкул-кызыл жана боз өңдөр колдонулду;
- Тартуу зоналардын бардыгын максималдуу колдонуу максатында редизайн түз эфирлер өтүүчү студияларга да тиешелүү болду. Дизайндын стилинде темир түстөр колдонулду. Алар «Ала-Тоо24» студиясынын мейкиндигин көрсөтүп, масштабына басым кылышат. Маалыматты визуализациялоо жана инфографикаларды колдонуу үчүн чоң көлөмдөгү тачскрин-экраны (touchscreen) менен толукталды.
- Башкы өзгөрүү телеканалдын маңызына таандык болду, анда каналдын

берүүлөрүн программалоодо агып өтүүчү (перетекающая) практикасы колдонулду. Эми каналдын бардык берүүлөрү 3 блокко бөлүнгөн, алар эфирге каналдын аудиториясынын күн тартибине ылайык чыгып турат;

- Маалыматтык каналдын таңкы программасы пайда болду. Анда күндүн актуалдуу темасына жараша конок чакырылып, баарлашуу өткөрүлөт;

- Күндүн темасы бир күн бою сакталат, жаңылык болобу же маалыматты кеңири ачып бере турган түз эфирдеги интервью болобу;

- «Элдик репортер» рубрикасынын натыйжаларынын эффективдүүлүгүнө байланыштуу көрсөтүүлөрдүн чыгарылышы көбөйтүлдү. Анда аудитория тарабынан жөнөтүлгөн маселелердин негизинде журналисттер тиешелүү тараптардан жооп алып беришет.




- Телеканал менен интернет аянтчасындагы жана социалдык тармактардагы бирдиктүү саясат жүргүзүү максатында расмий сайтты көзөмөлдөгөн редакциянын иши «Ала-Тоо24» редакциясы менен байланыштырылды.

***Москва шаарында «Ала-Тоо24» корреспонденттк пунктунун ачылышы***

Россияда көп сандагы кыргыз мигранттарынын жашап жана иштеп жаткандыгына байланыштуу, мекендештердин жашоосунда күндө болуп жаткан окуяларды, алардын мүмкүнчүлүктөрүн жана көйгөйлөрүн кеңири чагылдыруу үчүн жасалды. Алардын абалы мекенинде калган тууган-туушкандарын, жакындарын да ойлондурат.

Ошондой эле аудиториянын камтуусун кеңейтүү, өлкөнүн маалыматтык саясатын өнүктүрүү, Россия Федерациясы менен соода-экономикалык, маданий-агартуучулук, социалдык-гуманитардык мамилелерди өрчүтүү максатында тарыхыбызда алгачкы жолу Москва шаарында, КРнын элчилигинин аймагында КТРКнын корреспондентик пункту ачылды.

Корреспонденттик пункт РФ ТИМинен расмйи түрдө аккредитациядан өтүп, бүгүнкү күндө ал жерде эки кызматкер иштеп жатат. Алар тынымсыз маалымат жөнөтүп турушат:

- жогоруда аталган темалар боюнча репортаждар жана сюжеттер;

- саясатчылардын, жөнөкөй мигранттардын, коомдук ишмерлердин, Кыргызстан, Россия жана КМШнин башка өлкөлөрүнүн маданият, искусство, илим, спорт өкүлдөрүнүн катышуусу менен интервьюлар;



### *Эл аралык жаңылыктардын көлөмүн кеңейтүү*

2019-жылы «Ала-Тоо24» телеканлынын эл аралык панорамасы бүткүл дүйнөгө таанымал «Associated Press» маалымат агенттигинин материалдары менен толукталды. Бул агенттик менен өнөктөштүк келишими түзүлүп, алардын материалдарын (сюжет жана репортаждарын) чексиз колдонууга уруксат берилген. Бүгүнкү күндө КТРК Associated Press агенттиги менен кызматташкан жалыгз медиа компания.

Эми күндө чыгуучу маалыматтык программалардын чыгарылыштары региондо жана дүйнөдө болуп жаткан окуялар тууралуу кеңири маалымат бере алат. Өлкөлөрдүн геосаясатынан тартып маданиятына чейин, спорттон баштап, турмуштун кызыктуу окуяларына чейин түрдүү жанрдык темалардын алкагында.

### *Сапаттуу балдар контентинин кеңейиши*

2019-жылы КТРКнын жетекчилиги «Баластан» балдар телеканалынын өнүгүүсүндөгү приоритеттүү маселелерин чечүүнү жана балдар үчүн пайдалуу контентин көбөйтүү чечимин кабыл алды. Ага ылайык отчеттук мезгил аралыкта гранттык жана донордук каражаттарды тартып келүү боюнча иштер жүргүзүлдү.




Чет элдик контентти тартып келүү жагынан россиялык «СТС Kids» балдар телеканалы менен макулдашуу кабыл алынган. Анын алкагында Кыргызстандын аймагы боюнча «Баластан» телеканалында балдар контентин (балдар үчүн программалар, анимациялык фильмдер, сериалдар) трансляциялоого уруксат берилген.

Россиянын алдынкы каналы менен кызматташуу – бул лицензияланган балдар контентин трансляциялоого мүмкүнчүлүк алуу жана «Баластан» контентинин толугу менен мыйзамдуу болушу.

Ошол эле учурда кызматташуунун экинчи этабында өнөктөшүбүз менен ретрансляцияланып жаткан контенти кыргыз тилине которуп, дубляж жасоо мүмкүнчүлүгү да жетишилген.

Ошону менен КТРК ата-мекендик балдар фильмдери жана анимация өндүрүшүнүн жок болуп жаткан шартта, чет өлкөлүк балдар телеканалдары менен өнөктөштүк мамилелерди түзүү аркылуу «Баластан» телеканалындагы мыйзамдуу балдар контентинин жоктугун жарым-жартылай толуктап жатат.

2019-жылы балдар контенти аркылуу кыргыз тилин өнүктүрүүдө КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия олуттуу колдоо корсөттү. Улуттук комиссия аудиокитеп даярдоого жана контентти кыргыз тилине адаптациялоого <u>30 миллион сом бөлүп берген.</u>

***Central Asia Design Hub проектисинен/IREXтен мультфильмдердин алынышы тууралуу***



Ошондой эле "Central Asia Design Hub"тын регионалдык долбоору лицензиялык укугу бар сапаттуу балдар контентин кеңейтүүгө колдоо көрсөтту. Алардын колдоосу Борбор Азия өлкөлөрүндө сапаттуу ТВ жана аудио контенти өндүрүүгө багытталган. Жыл башында "Central Asia Design Hub" долбоорунун Viacom International студиясы менен макулдашуунун негизинде америкалык лицензиялык ТВ-контентин КТРКга расмий түрдө өткөрүп берүүсү болду. Гранттык колдоонун суммасы 72 миң АКШ долларын түзөт. Бардык мультсериалдардын эпизоддорунун жалпы хронометражы 106 саатка чукул.

Ушул жылы “Баластан” телеканалында сегиз популярдуу анимациялык сериалдар кыргыз тилинде көрсөтүлөт. Алардын ичинде "Тигрёнок Даниэль», "Даша-путешественница", "Шиммер и Шайн", "Команда Умизуми" ж.б популярдуу анимациялык сериалдар бар. Булар 2020-жылы кыргыз тилине адаптацияланып жана «Баластан» телеканалында трансляцияланат.

*Таблица 6. Анимациялык фильмдердин тизмеси*

| Пргамманын аталышы | Эпизоддордун саны | Орточо узактыгы, мүнөт менен |
|---|---|---|
| Даша путешественница / Dora the Explorer Эпизоды / Eps: 101-118, 120, 121, 123-126 (Сезон 1 / Season 1) | 24 | 30:00 |
| Даша путешественница / Dora the Explorer Эпизоды / Eps: 201-226 (Сезон 2 / Season 2) | 25 | 30:00 |
| Даша и друзья: Приключения в городе / Dora and Friends Into the City Эпизоды / Eps: 101-120 (Сезон 1 / Season 1) | 20 | 30:00 |
| Вперёд, Диего, вперёд! / Go, Diego, Go Эпизоды / Eps: 101-120 (Сезон 1 / Season 1) | 20 | 30:00 |
| Шиммер и Шайн / Shimmer and Shine Эпизоды / Eps: 101-120 (Сезон 1 / Season 1) | 20 | 30:00 |
| Команда Умизуми / Team Umizoomi Эпизоды / Eps: 101-120 (Сезон 1 / Season 1) | 20 | 30:00 |
| Тигрёнок Даниэль и его соседи (Сезон 1) / Daniel Tiger’s Neighborhood (Season 1) | 40 | 11:00 |
| **Общее количество часов** | **80** | |

## Central Asia’s Got Talent долбоору

КТРК телеканалынын 2019-жылдагы сезонунун башкы премьерасынын бири Борбор Азиядагы таланттар шоусу Central Asia’s Got Talent («Центральная Азия ищет таланты»). Шоу 2019-жылдын сентябрь айынан баштап төрт өлкөнүн «Хабар», «Zo‘r TV», «КТРК» и «ТВ Сафина» аттуу каналдарында трансляцияланып башталган, жана биринчи сезону ийгиликтүү жыйынтыкталды.

КТРК Central Asia’s Got Talent шоусунун тандоо турунун тартуу иштерүү боюнча жана Кыргызстандын аймагында трансляциялоонун эксклюзивдүү өнөктөшү










## КӨК-БӨРҮ жана КТРК

Өткөн жылдан бери КӨК-БӨРҮ федерациясы менен КТРКнын ортосундагы сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында оюндардын бардык мелдештерин тартуу, андагы кызыктуу учурларын трансляциялоо жана интернет ресурстарына жайгаштыруу боюнча эксклюзивдүү укугу КТРКга өткөрүлүп берилген. Ошону менен бирге 2019-жылы бардык КӨК-БӨРҮ оюндары КТРК каналдарынан байма-бай берилип келди.



## 2019-жылдын радионун эфирдик долбоорлору

2019-жылы «Биринчи радио» жаңы «Осторожно дети!» долбоорун ишке киргизди. Долбоордун максаты – балдарга дүйнөнүн алдыңкы мамлекеттеринин элчилерине суроо берүүгө мүмкүнчүлүк берүү. Биздин программаларда студияга эки муун коноко чакырылат, тагыраак айтканда чоңдор жана балдар. Конокторубуз жөнөкөй адамдар эмес: айрым өлкөлөрдүн элчилери «вундеркинд-мектеп окуучуларынын» суроолоруна жооп беришет.

Берүүнүн узактыгы 30 мүнөт. Биринчи чыгарылышы Кыргызстандагы Улуу Британиянын элчиси Чарльз Гаррет менен өттү. Андан тышкары Россия, АКШ, Германия, Франция, Швейцария, Түштүк Корея, Украина ж.б. өлкөлөрдүн элчилери конок болуп кетишти.

2019-жылы **"Кыргыз радиосу"** күнүмдүк эфирдик долбоорлорунан тышкары айрым күндөрдүн эфирлери толугу менен бир темага арналган. Мисалы:

- 05.04.2019 Кыргыз Радиосундагы "Куу күнү";
- 23.05.19 "Аккордеон авазы";
- 27.09.19 К.Молобасановдун 90 жылдыгына карата;
- 31.10.19. Калыгул акынды эскерүү күнү;
- 12.12.19 Айтматов жана адабият күнү;



2019-жылдан бери **"Миң Кыял FM"** радиосуна 8 жылдан бери чыгып келе жаткан "Радио кафе" шоусу жандуу аудиториянын коштоосунда LIVE форматка өткөн. Шоуга консерваториянын студенттеринен турган "Feelings Acoustic" музыкалык бэндин музыканттарынын жана КМУнун журналистика факультетинин студенттеринин катышуусу менен жүрөт. Эфирде дүйнөлүк хиттер жандуу үн менен аткарылат. Радиодо трансляциялангандан тышкары, радио шоу видеогго тартылып, радионун ютуб каналына live stream видео режиминде чыгарылат.




**КТРКнын архив боюнча жүргүзгөн иштери**

**«Золотой фонд» радио в 2019 году**

**Количество часов**
Всего фонд содержит архивных материалов на 11 927 часов 49 мин. 17 сек.

**Количество материалов.**
Всего фонд содержит **78 884** единиц архивных материалов

**Оцифровка архива**
Для сохранения архива, материалы фонда оцифровываются в современные форматы




**КТРКнын архивинин учурдагы көйгөйлөрү**

КТРК эң ири көрсөтүүчү катары күнүмдүк хрониканын олуттуу бөлүгүн иштеп чыгып жаздырып калат. Булардын бардыгы заманбап Кыргызстандын жаңы тарыхы болуп саналат.

Тилекке каршы, КТРК бул маалыматты системалуу эмес, жана заманбап санарип, автоматташтырылган платформалардын базасында борбордук архивдин профессионалдуу системасынын жоктугунан улам, 3 айдан ашык эмес убакытка чейин гана сактай алат. 1930-жылдан бери сакталып келе жаткан, корпорациянын "Алтын фондунун" материалдарын жоготуп алуу коркунучу туулуп жатат. Себеби аларды сактаган алып жүрүүчүлөрдүн (ферромагниттик пленкалар, бабиналар, CD, DVD дисктер ) сактоо мөөнөтү бүтөт жана аларды эффективдүү сактоочу чөйрө жок. Ошону менен КТРКнын кызматкерлери архивдик материалдарды колдонуп калк үчүн кызыктуу сюжеттерди даярдоодо чектелген. Ошого байланыштуу КТРК 8 жылдан бери КРдин Өкмөтүнө кайрылып, каражат бөлүп берүүнү суранат, бирок сактоо системасынын баасы кымбат болгонуна байланыштуу, бул көйгөй чечилбей келет.

***2019-жыл ичинде чет элдик контентти тартып келүү боюнча жүргүзүлгөн иштер/Лицензиялык Макулдашуулар***

*Таблица 7. Алып келинген лицензиялык продукциянын тизмеси*

| п\п | Уюмдун контрагенттин аталышы | Келишимдин номери | Долбоордун аталышы | Иштөө мөөнөтү |
|---|---|---|---|---|
| **1.** | Креативдүү контенттин корей агенттиги | 003/19-Л | «Я не робот» сериалы | 24.01.2019г.-30.01.2020 |
| **2.** | «AsaiMedia» Жарнама агенттиги ЖЧКсы | 007/19-Л | «Коз айым», «Суйебил» сериалдары | 01.03.2019г. -01.01.2020г. |
| **3.** | Глобалдык медиялардын америкалык агенттиги | 008/19-Л | ААГМ программларын ретрансляциялоо | 01.06.2019-31.05.2020 |
| **4.** | Associated press Television News Ltd | 009/19-Л | Эл аралык жанылыктарды ретрансляциялоо | 01.08.2019г. – 31.07.2021 |
| **5.** | АО ”СТС”, CTC Kids | 011/19-Л | Аудиовизуалдык продукцияны трансляциялоо | 15.07.2019г. – 31.12.2020 |
| **6.** | “САМБО” эл аралык агенттиги | 07/18/1-Л | САМБО 2019 чемпионатын трансляциялоо | 10.10.2019г. |
| **7.** | «Deutsche Welle» | 017/19-Л | DW программаларын ретрансляциялоо | 29.11.2019г. – 01.12.2020 |
| **8.** | IREX (Эл аралык изилдөөлөр жана алмашуулар боюнча кеңеш) | 04/20-Л | Акчалай эмес субгрант (1 мультфильм) | 30.01.2020-01.08.2021 |
| **9.** | IREX (Эл аралык изилдөөлөр жана алмашуулар боюнча кеңеш) | 05/20-Л | Акчалай эмес субгрант (6 мультфильм) | 30.01.2020-01.08.2021 |

## 2.2. Д. Садырбаев атындагы «Кыргызтелефильм» түзүмдүн иш алып баруусунун жыйынтыктары

Д. Садырбаев атындагы «Кыргызтелефильм» түзүмдүк түзүлүшүнүн иш алып баруусу кинопродукция жана 2019-жылдын юбилейлик жана олуттуу даталары боюнча киножанр телекөрсөтүүлөр түрүндөгү мамлекеттик буйруктардын негизинде куралат.

2019-жылга карата өндүрүштүк планга ылайык "Кыргызтелефильм" студиясы Ч.Айтматов атындагы Кино үйүндө чыгармачылык кечелерди, жаңы кинолордун бет ачарын, атактуу чыгармачыл адамдардын юбилейлерин коомчулуктун катышуусу менен өткөрдү.

КРдин Президенти жарыялаган 2019-жыл региондорду өнүктүрүү жылынын алкагында "Кыргызтелефильм" студиясы тарабынан эки долбоор өндүрүлдү, алар: "Манас ордо" кыскаметраждуу документалдуу тасма жана "Жолдошбек ата" документалдуу тасма.

Отчеттук жылы студия тарабынан өндүрүлгөн башка фильмдердин тизмеси:

- 2019-жылдагы мамлекет үчүн эң маанилүү даталардын бири Алыкул Осмонов атындагы Улуттук китепкананын 85 жылдыгына карата "Улуттук китепкана – билим булагы" кыскаметраждуу тасма тартылды;
- Атактуу мамлекеттик саясий ишмер А.Орозбаковдун 130 жылдыгына карата толук метраждуу документалдык кино өндүрүлдү;
- Бүт өмүрүн медицинага арнаган атактуу доктур, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген доктуру Бебезов Хаким Сулаймановичке арналган толук метраждуу документалдык кино өндүрүлдү;
- Ош шаары жанан анын азыркы учурдагы өзгөчөлүгү тууралуу кыскаметраждуу документалдык кино тартылды;
- "Тогуз Коргоол" улуттук спорт тууралуу кыскаметраждуу документалдык кино тартылды;
- Чет элдик туристтердин Кыргызстандын табияты жөнүндө айткан ойлору, таасирлениши "Мотоцикл менен Кыргызстанды кыдыруу" атту толук метраждуу документалдуу кинодо чагылдырылды;
- 2019-жылы Талас шаарында өткөн Улуттук көчмөндөр оюну тууралуу киножазуулар;
- Союзбек Салиев жөнүндө "Улуттун сыймыгы" деп аталган кыскаметраждуу документалдык кино тартылды;
- Андан тышкары башка да толук метраждуу кинолор тартылды "Венера", "Бет аарчы" жана "Самый лучший день";
- Андан тышкары атактуу кинорежиссер генадий Базаровдун "Альтернатива" деп аталган автордук программалары даярдалды;
- "Кыргызтелефильм" студиясы эстен чыгып калган сүрөтчүлөр тууралуу, кинорежиссер Тынай Ибрагимовдун "Адам жана сүрөтчү" деп аталган программалар циклин өндүрүүнү улантып жатат.

## 2.3. КТРКнын интернет айдыңын камтуу ишмердүүлүгү тууралуу

2019-жылы www.ktrk.kg маалыматтык медиа порталына, социалдык тармактар жана Youtube видеоканалына кирүүлөрдү жогорулатуу боюнча иш аракеттер жүргүзүлдү.

Отчеттук мезгил аралыкта КТРКнын он-лайн каналдарына жана социалдык баракчаларына кирүүлөр жана катталуучулардын саны кыйла өскөн. Маселен 2019-жылы дүйнөлүк видеохостинг КТРКнын эки каналына: «Коомдук биринчи канал» жана «КТРК Музыка» 100 миң катталуучудан ашкандыгы үчүн күмүш кнопкаларды тартуулады. Бирок 2020-жылдын март айында эки каналдын тең (KTRKmuzyka, KTRKkg) катталуучуларынын саны 3 эсе көбөйүп 300 миң болуп калган.




Ошондой эле отчеттук мезгил аралыкта 2020-жылдын март айын эске алуу менен Youtube видеохостингинде 100 мин катталуучу босогосун дагы үч канал аттады. Алар: «Ала-Тоо24», «Баластан» и «КТРК Спорт».





*Таблица 8. YOUTUBEдагы ТВ каналдардын катталуучуларынын саны*

| Каналдын аталышы | декабрь 2019 | Март 2020 |
|---|---|---|
| Коомдук Биринчи канал | 253 000 | 296 000 |
| Маданият Тарых Тил | 38 000 | 55 700 |
| Баластан | 60 700 | 98 200 |
| КТРК Музыка | 257 000 | 284 000 |
| КТРК Спорт | 100 000 | 115 000 |
| Ала-Тоо 24 | 100 000 | 117 000 |

Facebook жана Instagram аттуу социалдык баракчаларда да катталуучулардын санынын өсүшү байкалууда. Төмөндө 2018-жылдын жана 2019-жылдын факт жүзүндө катталгандардын салыштырмалуу таблицасы келтирилген. Ага кошумча КТРК каналдарынын 2020-жылга карата катталуучуларынын статистикасы да көрсөтүлгөн.

*Таблица 9. INSTAGRAM дагы ТВ жана РВ каналдарынын катталуучуларынын саны*


| Названия каналов | Декабрь 2018 | Декабрь 2019 | Март 2020 |
|---|---|---|---|
| Коомдук Биринчи канал | 70 000 | 250 000 | 328 000 |
| КТРК Музыка | 85 000 | 300 000 | 362 000 |
| КТРК Спорт | 500 | 20 000 | 41 000 |
| Баластан | 1 000 | 3 200 | 5 356 |
| Миң-Кыял FM | 85 000 | 100 000 | 141 000 |

*Таблица 10. FACEBOOK дагы ТВ жана РВ каналдарынын катталуучуларынын саны*

| Названия каналов | декабрь 2018 | декабрь 2019 | Март 2020 |
|---|---|---|---|
| Коомдук Биринчи канал | 35000 | 50 000 | 66 388 |
| Маданият Тарых Тил | 800 | 9000 | 16396 |
| Баластан | 4000 | 7000 | 8 322 |
| КТРК Музыка | 7 500 | 15 000 | 19 509 |
| КТРК Спорт | 4000 | 8000 | 9 595 |
| Биринчи Радио | 4500 | 6000 | 8700 |
| Миң-Кыял FM | 4500 | 6000 | 7155 |
| Кыргыз Радиосу | 9000 | 10000 | 12000 |

Google Analytics аналитикалык порталындагы статистикага ылайык, КТРКнын www.ktrk.kg веб сайтына киргендердин саны 2019-жылы 1 миллион уникалдуу колдонуучуга жеткен, 2 миллион 600 миң сеанс жүргүзүлүп, баракчаларды көрүү 6 миллион болгон.

*График 7.* Google Analytics сайтынан кирүүлөр тууралуу маалымат




2018-жылга салыштырмалуу 2019-жылы көрүүлөрдүн саны 14% өскөн, башкача айтканда 1 миллионго (2018-жылы көрүүлөр 5 милионго жеткен), ал эми сайттын жаңы колдонуучулардын саны 19% көбөйгөн.

Эң көп көрүүчүлөр Кыргызстандан кийин Россия аймагынан келген андан кийин Казакстан, АКШ, Түркия, Өзбекстан, Гремания ж.б.

*Таблица 11. Google Analyticsтеги маалыматка ылайык өлкөлөр боюнча кирүүлөрдүн көрсөткүчү*

| | Страна | Сеансы | Сеансы, % |
|---|---|---|---|
| 1. | Kyrgyzstan | 2 226 355 | 82,65 % |
| 2. | Russia | 311 544 | 11,56 % |
| 3. | Kazakhstan | 25 703 | 0,95 % |
| 4. | United States | 24 603 | 0,91 % |
| 5. | (not set) | 20 537 | 0,76 % |
| 6. | Turkey | 14 856 | 0,55 % |
| 7. | Uzbekistan | 9 582 | 0,36 % |
| 8. | Germany | 5 784 | 0,21 % |
| 9. | China | 4 436 | 0,16 % |
| 10. | South Korea | 3 962 | 0,15 % |

## 3. АДМИНИСТРАТИВДИК ЖАНА ЧАРБАЧЫЛЫК ИШТЕР ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ

### Өндүрүш шарттарын түзүү. Өндүрүш имараттарын оңдоп-түзөө.

Отчеттук 2019-жылы Корпорациянын кызматкерлерин иштин тиешелүү стандарттары, сапаттуу контентти өндүрүү үчүн жумуш шарттары менен камсыздоо боюнча милдеттерди ишке ашыруу улантылган. 2019-жылы олуттуулугу жагынан эң керектүүсү аныкталып, эскилиги жеткен имараттарды жана участоктордо ремонттук иштер жүргүзүлгөн.

2019-жылдагы олутуу реконструкциялардын бири болуп АСБ 600 апараттык-студиялык блоктун жылуулук системасын толук реконструкциялоо болду. Анда оңдоп-түзөө иштери советтик мезгилден бери жасалган эмес. Себеби жылуулук берүү системасы абдан оор жана татаал, бөлүп алып реконструкциялоо мүмкүн эмес болгондугуна байланыштуу

*Таблица 12. Ремонт иштеринин көлөмдөрү*

| № | Жасалган иштин аталышы | Эсептөө бирдиги | Көлөмү |
|---|---|---|---|
| | **Ички иштер** | | |
| **1** | Кабинеттерид оңдоо | бир/$м^2$ | 68/4380 |
| **2** | Коридорлор | бир /$м^2$ | 4/1320 |
| **3** | Тепкичтер | бир /$м^2$ | 2/400 |
| **4** | Дааратканаларды оңдоо | бир /$м^2$ | 25/1380 |
| | **Жыйынтыгында** | | 99/7480 |
| | **Тышкы иштер** | | |
| **5** | Рыскулова жана К.Акиева көчөлөрү боюнча фасаддын оңдоо иштери | $м^2$ | 1600 |

## 4. КАДРЛАР МЕНЕН ИШ АЛЫП БАРУУ

### 4.1. Адам ресурстарын өнүктүрүү боюнча ишмердик тууралуу маалымат

Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадио корпорациясында отчеттук жыл ичинде адам ресурстары менен иштөө кийинки өзгөрүүлөр менен чагылдырылды:

2019-жылдын 31-декабрына карата кызматкерлердин саны 910 адам. Ага эмгек келишими жана кызмат көрсөтүү келишиминин негизинде тартылып келген штаттык кызматкерлер, адистер кирет.

*Графика 8. Кызматкерлер тууралуу маалымат*




- тизмедеги курамы боюнча КТРКнын 357 кызматкери бар: анын ичинен 353ү КТРКнын штаттык кызматкерлери, 4сү КТРКнын эмгек келишими менен иштеген адистер, 121 эркек, 236 аял жана 3 ваканттык позиция бар.

КТРКнын штаттык кызматкерлеринин орто жаш курагы 40 жаш;

КТРКнын штаттык кызматкерлеринин орто эмгек стажы 10 жыл;

Жогорку билими бар кызматкерлер 78% түзөт, толук эмес жана/же толук эмес жогорку билими бар кызматкерлер 9%, ортокесиптик жана техникалык билими барлар 6%, орто билими барлар 7%;

*2018-жылга салыштырмалуу 2019-жылы орто жаш курак 40 жашты түздү. Бул көрсөткүч*

*мурунку жылга салыштырмалуу 4 жашка жашарды, штаттык кызматкерлердин орто эмгек стажы 10 жылды түздү. Бул жумушка жаш адистер кабыл алынгандыгы менен байланыштуу, алар жогорку билими бар жаш курагы 18ден 27жашка чейинкилер. Ошону менен жогорку билими бар адистердин саны 3%га көбөйдү.*

Тизмедеги курамы боюнча РРТЦнин 518 кызматкери бар (негизги штаттык тартипке ылайык 373 адам жана жеке кирешенин эсебинен штат боюнча 69 адам, анын ичинде РКО, РРТЦде чыгармачыл персонал 76 адам иштейт, алар КТРКдан которлуган, бирок де-факто КТРКнын кызматкерлери катары саналат):
Анын ичинен 283 эркек, 177 аял жана 37 вакансиялык позиция (анын ичинен 31 вакансиялык кызмат штаттык кызматкерлерге жүктөлдү);
РРТЦнин штаттык кызматкерлеринин орто жаш курагы 42 жаш;
РРТЦнин штаттык кызматкерлеринин орто эмгек стажы 15 жыл;
Жогорку билими бар кызматкерлер 44%, орто кесиптик жана ортотехникалык билими барлар 11%, орто билими барлар 34%;

*2018-жылга салыштырмалуу 2019-жылы РРТЦнин жалпы кызматкерлеринин саны өскөн жок. Жумушка орто билими бар кызматкерлер кабыл алынгандыгына байланыштуу жогорку билими бар кызматкерлердин саны 4%га көтөрүлүп, орто билими бар кызматкерлердин саны 3% кыскарды.*

*РРТЦнин персоналына кичи тейлөөчү персонал кирет (айдоочулар, курулушчулар, жыйноочулар), алардын көбүнүн жогорку билими жок, бул түздөн түз ошондон көз каранды.*

КТФтин 35 штаттык кызматкеринин 19 эркектер 9 аялдар (7 вакансиялык кызмат штаттык кызматкерлерге жүктөлгөн);

КТФтин штаттык кызматкерлеринин орто жаш курагы 42 жаш;

КТФтин штаттык кызматкерлеринин орто эмгек стажы 10 жыл;

Жогорку билими бар кызматкерлер 81%, толук эмес жана/же бүтүрө элек кызматкерлер 15%, орто кесиптик билими барлар 4%.

## Персоналды мотивациялоо

Кызматкерлерди мотивациялоо максатында 2019-жылы профсоюздук комитеттин күчү менен Аялдардын эл аралык күнү - 8-мартка, Нооруз майрамы – 21-мартка жана жаңы жылган карата Корпорациянын кызматкерлери жана алардын балдары үчүн майрамдык иш чаралар өткөрүлгөн. Орозо айт жана Курман айт мусулмандар майрамында атайын иш чаралар өткөрүлгөн. Андан тышкары кызматкерлерге Жаны жылга, 8-мартка, 23-февралга карата белектер тартууланган.

Эки тараптуу макулдашуулардын эсебинен жайкысын Корпорациянын 85 кызматкери 3 күн Ысык-Көл облусунун «Голубой Иссык-Куль», «Кыргызстан», «Корпункт» пансионаттарында, «Жети-Өгүз» курортунда, Чүй облусунун «Ысык-Ата» курортунда, Жалал-Абад облусунун «Жалал-Абад» курортунда эс алуу мүмкүнчүлүгүн алышты.

Кыргыз Телевидениеси күнүн майрамдоонун урматына жана 2019-жылдагы иш

жыйынтыктарына жараша наамдар ыйгарылды:

- КТРК, РРТЦ жана КТФнин 49 кызматкерине «Жылдын мыкты кызматкери» наамы ыйгарылып ар бирине 2500 сомдон премия берилди;

- «Жылдын мыкты долбоору»:

- «Таалимтай» долбоору үчүн «Баластан» телеканалы – байге 10 000 сом;
- "Биздин айыл" долбоору үчүн "Маалымат" ТПОсу, "Бийиктик" долбоору үчүн "КТРК Спорт" телеканалы, "Күн чубак" долбоору үчүн "Кыргыз радиосу" 5000 сом байге менен сыланышты.

- Кулумбаева Гульмира Омуркуловна – «Маданият-Тарых-Тил» телеканалынын шеф-редакторуна – «КРдин маданиятына эмгек сиңирген ишмер» наамы ыйгарылды;
- Ахматова Джыпар Муташовна – «Кыргыз Радиосунун» комментатору – КР Президентинин Ардак грамотасы менен сыйланды;
- Абдраимов Алмазбек Алпамышович – телеоператорлор чыгармачыл секциясынын башкы оператору - КР Президентинин Ардак грамотасы менен сыйланды;
- Абдыбеков Жолдошбек Асанбекович – «Маалымат» ТПОсунун жогорку категориядагы режиссеру - КР Президентинин Ардак грамотасы менен сыйланды;
- Сутенова Байма Жапаровна –Программалар дирекциясынын менеджер-директору – «Даңк» ордени менен сыйланды:
- Аманова Кундузкан Козубаевна – «Баластан» телеканадынын продюсери – КР Президентинин Ардак грамотасы менен сыйланды;
- Тукеев Бактияр Жекшенович – «Маалымат» ТПОсунун шеф-редактору – КР Президентинин өздүк сааты менен сыйланды;
- Джуманалиев Улан Сагындыкович –ВСТиР РРТЦ цехинин жетекчиси – КР Президентинин өздүк сааты менен сыйланды;
- Касымалиев Алмазбек Талипович – «Маалымат» ТПОсунун кабарчысы - КР Президентинин ыраазычылык каты менен сыйланды;
- Акматалиева Светлана Сапаровна – «Ала-Тоо24» телеканалынын алып баруучусу - КР Президентинин ыраазычылык каты менен сыйланды.

## Корпоративдик маданият

- 2019-жылы Корпорациядагы корпоративдик маданиятты жана ички коммуникацияларды өнүктүрүү тармагындагы өнүгүү улантылды: кызматкерлердин Корпорацяинын топ-менеджерлери менен жолугушуулар өттү, студиялардын жанам бөлүмдөрдүн кызматкерлери менен бир катар тааныштыруу жыйындары, студиялардын/телеканалдардын/бөлүмдөрдүн кызматкерлеринин керектөөлөрүн аныктоо максаттарында өттү.
- Жумуштун сапатын жакшыртуу, кызматкерлердин маанайын баалоо жана өлчөө (барометр) максатында Корпорациянын кызматкерлери арасында сурамжылоо жүргүзүлдү. Сурамжылоого Корпорациянын студия/телеканалдар/бөлүмдөрдүн кызматкерлери катышышты. Були иш чара конфиденцияалдуу, анкета түрүндө өттү. Анын максаты коллективдин ичиндеги маанайды аныктоо, иш орундагы эмоционалдык абалга баа берүү, кызматкерлердин карым-катнашы тууралуу билүү, алардын биргелешип иштөөсүн эффективдүү баалоо, ага тоскоол болгон себептери жөнүндо

маалымат алуу.

- 2019-жылдын 19-апрелинде Корпорация тарабынан Ленин районунун чарбалык объектилеринде штабдык машыгуулар (ШМ) жана командалык штабдык окууларды (КШУ) жүргүзүү план-графигине ылайык жарандык коргоо (ЖК) боюнча ШМ жана КШУ өткөрүлдү. Темасы “Өрт чыкканда жана өзгөчө кырдаалдар болгон учурда штабдын, жарандык коргоонун жана Корпорациянын структуралык бөлүмдөрүнүн иш аракеттери”. Корпорациянын кызматкерлеринин Жарандык коргоо боюнча иш чараларды пландаштыруу жана уюштуруу максатында ЖК жана мобилдик иштер боюнча топтор түзүлгөн. Өзгөчө кырдаалдар жаралганда штабга жана ЖК топторуна билдирүү схемасы бекитилген.
- 2019-жылдын 1-февралында “Президенттин иштерин башкаруу жана КРӨнүн клиникалык ооруканасы” Корпорациянын аймагында АСК имаратынын фойесинде Корпорациянын кызматкерлери үчүн акция-скрининг уюштурду. Анда кызматкерлер жүрөк жана кан тамырлар системасынын оорусун, жана тобокелчилик факторлорун эрте аныктоо, инсульт жана инфаркты алдын алуу боюнча профилактикалык текшерүүдөн өтүштү. Андан кийин дарыгерлердин корутундусу менен кызматкерлер медициналык мекемелерге тиешелүү дарылануу үчүн жөнөтүлүштү. Андан тышкары Бүткүл дүйнөлүк Кант диабети менен күрөшүү күнүнө карата 2019-жылдын 14-ноябрында КРдин Саламаттыкты сактоо министрлигинин Ден соолукту бекемдөө Бишкек борбору Корпорациянын аймагында “Каныңдын кантынын деңгээлин билип ал!” акциясын уюштурушту. Корпорациянын кызматкерлери артериалдык басымын, жана каныңдагы кантын деңгээлин текшерип алышты.

**Корпоративдик журнал**

2019-жылдын июль айынан тартып ички корпоративдик маданиятты колдоо максатында жана кызматкерлерди чон корпорациянын ичинде болуп жаткан өзгөрүүлөр тууралуу маалымдоо максатында «КТРК Бүгүн» деп аталган ички корпоративдик журнал чыгарыла баштады. Журналда кызматкерлердин өзүнөн, менеджменттен жана Байкоочу кеңештен чогултулган түрдүү маалымат бар. Журнал ай сайын басылып, 50-70 нускада чыгып турат, андан тышкары электрондук вариантта да таркатылат.





### 4.2. Кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу, окуу курстарын уюштуруу

**<u>Окуу жана өнүгүү</u>**


Кесипкөйлүк, жыйынтыкка багытталгандык жана натыйжалуу командалык иш – Корпорациянын алдына коюлган максаттарга жетишүүсүнүн маанилүү түзүүчүлөрү. Ошондуктан Корпорацияда персоналды окутуу жана өнүктүрүү тармагында туруктуу системалуу иш жүргүзүлүп келет.

2019-жылы кызматкерлер үчүн эн кызыктуу жана маанилүү курстар: семинарлар жана тренингдер болду:

- Матч ТВ Россия телеканалынын атактуу спорт комментатору өткөргөн Спорт каналындагы комментатор болуп иштөөнүн негиздери;
- 2019-жылдын 30ноябрынан 3-декабрына чейин 4 кызматкер «ТВдагы жаңылыктарды жана ток-шоу өндүрүшү» темасындагы семинарга 4 кызматкер катышты. Семинар Корпорациянын окуу борборунда Дойче Велле Академиясынын колдоосу менен өттү.
- «Баластан» телеканалынын кызматкерлери Интреньюс Кыргызстан жана Юнисеф Балдар фондунун колдоосу менен уюштурулган стратегиялык өнүгүү жолдорун иштеп чыгуу тренингдер сериясына катышышты. 2019-жылдын 27-28-августунда балдар контентин өндүрүү жагынан норвегиялык эксперт Жан Виллем «Баластан» телеканалынын стратегиясын иштеп чыгуунун алкагында эки күндүк семинар өткөрдү. (Workshop for Kyrgyzstan Children’s Media Producers with the PRIX JEUNESSE Suitcase)

БАУнун колдоосу менен эки тренинг өттү:

- 2020-жылдын 6-февралында атактуу документалист жана режиссер, Эмми сыйлыгын 8 жолу алган Эндрю Ткач <u>Andrew Tkach</u> менен тренинг өттү. Борбордук Азия Университетинин колдоосу менен.
- 9-мартта Дэнби Уэллер – Сидней Технологиялык Университетинин журналистика факультетинин лектору лекция өткөн. Темасы: «Фейк жаңылыктарды кантип аныктоо керек: тренддер жана мультимедиялык журналистикадагы акыркы тенденциялар».



*Эндрю Ткач жана Дэнби Уэллер 6-февраль, 9-март 2020г.*

КТРКнын «Окуу борбору» тарабынан жүргүзүлгөн отчеттук мезгилдеги окутуу иш-чараларынын жалпы саны 9 курсту түзгөн, аларга 132 адам катышышкан

*Таблица 13. Корпорациянын кызматкерлери үчүн өткөрүлгөн тренингдер боюнча маалыматтар.*

| Айы | Күндөрү | Аталышы | Донору | Катышуучулар | Күнүнө саат | Күндөр дүн саны | Жалпы саны | Адамдын сааты | Тренерлер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **январь** | 29 январь | Кыргыз Республикасындагы автордук жана орток укуктар | Кыргыз патент | 35 | 3 | 1 | 3 | 105 | КРдин өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик мамлекеттик кызматынын кызматкерлери (Кыргызпатент) |
| **февраль** | 19 - 20 | Журналисттин ишмердүүлүгүн дөгү укуктук тобокелчиликтер | ИМП + собств | 23 | 4 | 2 | 8 | 184 | Медиа Полиси Институту, Максат Толонов |
| **март-апрель** | | Excel программасында иштөөнүн негиздери | собств | 20 | 4 | 4 | 16 | 320 | А.Лаишева |
| **май - июнь** | | Операторлор үчүн чыгармачылык саат | собств | 20 | 3 | 4 | 12 | 240 | А.Лаишева |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **сентябрь** | 23 - 26 | Гендердик зомбулук маселелерин чагылдыруудагы инновациялык медиа форматтар | "Открытая Линия" КФ | 4 | 8 | 4 | 32 | 128 | |
| **октябрь-ноябрь** | 30 октябрь | Ала-Тоонун кызматкерлери үчүн видеомонтаждын негиздери | собст | 5 | 4 | 4 | 16 | 80 | М.Кыдыралиев |
| | 13-14 | ММКдагы илимий ишмердүүлүк | К.Аденауэр фонду | 6 | 8 | 2 | 16 | 96 | Рене Фалькнер |
| | 13-15 | ТВдагы комментатордун иши | DW | 15 | 8 | 3 | 24 | 360 | Д. Казанский МАТЧ ТВнин комментатору |
| **декабрь** | 30 ноябрь – 3-декабрь | ТВдагы жаңылыктарды жана ток-шоу өндүрүшү | DW | 4 | 8 | 4 | 32 | 128 | А.Лаишева, Э.Джапарова |
| | | | | | | | | | |
| **Всего** | | | | **132** | | **28** | **159** | **1641** | |

## 5. КОРПОРАЦИЯНЫН КЫЗМАТТАШУУСУ

### 5.1. Эл аралык кызматташууну кеңейтүү. Башка ММКлар менен кызматташуу.

2019-жылы эл аралык кызматташууну жана чет элдик өнөктөштөр менен тармак ичиндеги карым-катнашты кеңейтүү стратегиясы Корпорациянын кызматкерлери үчүн кошумча мүмкүнчүлүктөрдү берүүгө шарт түздү. Бул чет элдик контенти тартып келүү, окуу курстарын жана тренингдерди уюштуруу жана каналдарды өнүктүрүү.

**BBC World Service** – 2019-жылдын ноябрь айында КТРКнын жетекчилиги Би-Би-Си бүткүл дүйнөлүк кызматтын өкүлдөрү менен жолугушуу үчүн Лондонго барып келди.





**Сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыктары:**

- 2019-жылдын 31-декабрынан тартып "Би-би-си. Русская служба" программасын көрсөтүү токтотулду.
- 2019-жылдын 10-мартынан №2 өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу макулдашуу - "Би-би-си. Сапар" программасынын убакытсын «Коомдук Биринчи каналда» 19:45тен 18:00го жылдыруу, «Ала-Тоо 24» 22:40 кайталоо берүү.
- «Би-Би-Си. Кыргыз кызматы» үчүн жаны студия. Программаны тартуу техниканы колдонуу жана ага толук жеткиликтүү болуу шарты менен жаңы студияга көчтү.
- The Art Hours Tour программасы + КТРКнын кызматкерлери үчүн мастер-класс. BBC командасы The Art Hours Tour берүүлөр циклинин бир сериясын Бишкекте тартуунун пландаштырып жатышат. Убактысы: Апрель-Май. Тартуу узактыгы – 3 күн. Тили – англис тили. BBC Team: Rebecca Stratford and Simon Pitts;
- КТРКнын кызматкерлери үчүн дата журналистика, аналитика жана медиа индустриядагы санарип багыттар боюнча тренингдер сериясын өткөрүү.
- Жүргүзүлгөн сүйлөшүүлөрдүн натыйжаларынын бири КТРКга "Why stories" документалдык фильмдерди ретрансляция жасоо укугун алуу (50 мүноттүк хронометраж, 33 фильм);

**CGTN – русский –** 03.12.2018-жылдын видеоконтент менен алмашуу системасын колдонуу боюнча кызмат корсөтүү тууралуу макулдашууга ылайык, КТРКнын бардык каналдарына видеоматериалдар менен жана жаңылыктар менен алмашуу системасына доступ ачык. Андан тышкары CGTN – русский коронавирус жана пандемия менен күрөшүү тууралуу докменталдык фильмдердин жеткиликтүү болуусуна көмөк көрсөттү;

**Deutsche Welle** – 29.11.2019-ж телепрограммаларды ретрансляциялоо боюнча макулдашууга кол коюлду. №017/19Л анын негизинде "Коомдук Биринчи каналда" бир жыл бою (2020-жылдын 1-декабрына чейин) "Tomorrow Today" жума сайын чыгар турган программа кыргыз жана орус тилдеринде трансляцияланат;



**СТС Kids –** «Баластан» телеканалы келишимдин негизинде 2019-жылдын август айынан тартып СТС KIDS Россиялык балдар каналынын көрсөтүүлөрүн ретрансляциялап баштады. СТС KIDS каналынын көрсөтүүлөрү күндө "Баластан каналынын" 540 мүнөт эфирдик убактысын ээлейт;

**IREX/CADH** – 2020-жылдын 15-январында акчалай эмес түрүндөгү Субгрантка ылайык бүткүл дүйнөлүк Nickelodeon жана 9 Story Distribution International компанияларынан балдар үчүн билим берүүчү контенттин 80 саат убактысы берилген (тагыраак маалымат Тиркемеде берилген, Таблица №1);




Мультфильмдерге лицензияларды Коомдук телерадио корпорациясына тапшыруу аземинде КРдеги АКШ элчиси Дональд Лу жана КР Президентинин алдындагы Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясынын төрагасы Ишекке Назаркул болду. Ал олкодө кыргыз тилдүү контенттин көбөйүшүнө үмүт кылаарын билдирди.

Ошондой эле эл аралык бөлүм тарабынан эл аралык өнөктөштөр менен бир катар сүйлөшүүлөр жүргүзүлгөн. Анда Korea Creative Content Agency'ден Пингвиненок Пороро- 3-5 сезон 30 мүн. 39 серия жана ArtOdyssey хронометраж 30 мүн. 26 серия жана Japan Foundation (аниме "Суши и не только". 24 эпизод, хронометраж 20 мүн) мультфильмдерин трансляция кылуу укугун берүү тууралуу кайрылышкан.

**Россиялык каналдар менен сүйлөшүүлөр –** Москва шаарындагы ВГТРК жана Первый канал россиялык федералдык каналдарга болгон иш сапардын жыйынтыгында өнөктөштүк мамилелерди өркүндөтүү, өзгөчө контент алмашуу, тажрыйба алмашуу, стажировкадан өтүү, Кыргызстанда бирдиктүү медиа форум өткөрүү жана балдары үчүн жана балим берүүчү контентке лицензия алуу тууралуу макулдашуулар бекитилди.







**Гранттар**

Отчеттик мезгил аралыгында Эл аралык бөлүм өнүктүрүү иштерине грант алууга бир катар билдирмелерди жөнөтүшкөн. Төмөндө донорлор тарабынан колдоого алынган гранттардын тизмеси берилди:

1. Internews. Грант Интерньюс Нетуорк Кыргызстан 2020-жылы «Баластан» каналын институционалдык деңгээлде (КТРКнын ар бир каналына 5 билдирме жөнөтүлгөн);
2. IREX/Central Asia Design Hub. Борбор Азия телекомпанияларынын эфиринде билим берүүчү телевизиондук контентти жайгаштыруу үчүн конкурс (“Баластан” каналы үчүн балдар контенти).

*Таблица 14. Алынган гранттар тууралуу маалымат*

| Грант берүүчү | Максат | Аткаруу мөөнөтү | Келишим |
|---|---|---|---|
| **Internews** | Кийинки багыттар боюнча телеканалды өнүктүрүү:<br>-комплекстүү баа берүү жана стратегиялык планды иштеп чыгуу;<br>-өздүк контенттин сапатын жогорулатуу;<br>-жарнамадан түшкөн каражатты жогорулатуу;<br>-ачык маалыматтарды жана инновациялык форматтарды колдонуу менен санариптик контентти өндүрүү;<br>-өз аудиториянын ченемин/метрикасын түшүнүү;<br>-финансылык башкаруунун күчөтүү;<br>-техникалык жабдыктарды модернизациялоо. | 02.09.2019-жылдан 01.09. 2020-жылга чейин. | Иштелип жатат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **IREX/CADH** | Балдар үчүн билим берүүчү ТВ контенти байытуу жана мамлекеттик тилдеги контенттин көлөмүн көбөйтүү, ретрансляцияланган ТВ контенти егалдаштырууда ММКнын потенциалын жогорулатуу. | 15.01.2020-жылдан 01.08.2021-жылга чейин | Nickelodeon жана 9 Story Distribution International менен акчалай эмес субгрант келишими |

## 6. 2019-ЖЫЛГА КАРАТА КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ ПРОДАКШН СТУДИЯЛАРДЫН КОРПОРАЦИЯ ТАРАБЫНАН ТРАНСЛЯЦИЯЛАНГАН ПРОГРАММАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

*Таблица 15. Программалардын тизмеси*

| п\п | Наименование организации, контрагента | Номер договора | Наименование проекта | Срок действия |
|---|---|---|---|---|
| **1.** | ОсОО «High time» | 001/19-Б | Передача "English show" | 07.01.2019г.-31.12.2019 |
| **2.** | Кулманбетов Ж.О. | 002/19-Б | Х/ф «Жапайы селки же толук кыз» | 25.01.2019г. |
| **3.** | ОсОО Кинокомпания "Аманат фильм" | 003/19-Б | Х/ф "В поисках мамы 2" | 23.01.2019 |
| **4.** | ИП "Откеев С.М" | 004/19-Б | Х/ф "Жетикс – планета без чувств" | 25.01.2019г. |
| **5.** | ОсОО "KG club продакшн" | 005/19-Б | Передача "7 звезд" | 28.01.2019г. |
| **6.** | ОсОО "Ой арт" | 008/19-Б | Х/ф "Небесное кочевье" | 05.03.2019г. |
| **7.** | ОО "Кыргыз Юнион" | 009/19-Б | Передача "Бишкек 140" | 18.03.2019г. |
| **8.** | Творческое объединение "Ракета ТВ" | 010/19-Б | Передача "100 дорог" | 18.03.2019 г. |
| **8.** | ОсОО "Один один студио" | 011/19-Б | Передача "Эн мыкы шоу" | 22.02.2019 |
| **10.** | ОсОО "Телемедиа" | 017/19-Б | Передача "Central Asia's got talent" | 11.04.2019 |
| **11.** | Османканов Б.А | 024/19-Б | Фильм "Напарниктер 2" | 18.10.2019 |
| **12.** | ОсОО "Один один студио" | 025/19-Б | Сериал "Кошунаны тандабайт" | 18.10.2019 |
| **13.** | ОсОО "Один один студио" | 028/19-Б | Передача "Не жанылык" | 20.11.2019 |
| **14.** | ИП "Дурусбеков " | 030/19-Б | Передача "Секреты успешных стартапов в Силиконовой Долине" | 04.12.2019 |
| **15.** | Анимационная студия "Red lab" | 007/19 | 3д мультфильм "Лоло" | 27.05.2019 |
| **16.** | ОсОО "Импульс аниматион" | 023/19-Б | Мультфильмы "Летающие машинки" | 24.09.2019 |
| **17.** | ОсОО "Бартон ресторанс" | 004/19-Б | Передача "Трансформация" | 31.12.2019 |
| **18.** | ОсОО "Бекболу" | 013/19-Б | Передача "Время маленькой звезды" | 31.12.2019 |
| **19.** | ОсОО "Асман Студия" | 014/19Б | Х/ф "Жырткычтын изи менен", "Ишен" | 31.12.2019 |
| **20.** | ИП Калыкова А.Б. | 018/19-Б | Передача "Мисс Кыргызстан 2019" | 31.12.2020 |
| **21.** | ОсОО "50 квартал Студия" | 01/20Б | "Суперкудалар" кинотасма | 01.02.2020 – до исп.обяз-в |
| **22.** | ОФ "Кереге" | 02/20Б | Передача "Кыргызча оңой" | 01.02.2020-31.01.2021 |
| **23.** | ОФ "Арт-Вей-Лидер" | 03/20Б | Передача "Лидер" | 15.03.2020-10.05.2020 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **24.** | ИП Бөрүбаева Ч. | 06/20Б | Передача "Жеткинчек шоу" | 15.02.2020-14.02.2021 |
| **25.** | ОсОО "Синемарт Продакшн" | 07/20Б | Передача "Obodo folk" | 12.02.2020-11.02.2021 |
| **26.** | ОО "Федерация Көк-бөрү" | 08/20Б | Эксклюзивдик тартуу укугу | 20.02.2020-31.12.2025 |
| **27.** | ОсОО "Синемарт Продакшн" | 10/20Б | Передача "Бешти бер" | 02.03.2020-01.03.2021 |
| **28.** | ОсОО "Капитал Инфо Сервис" | 11/20Б | Передача "Capital" | 01.01.2020-31.12.2021 |
| **29.** | ОсОО "Бурана Медиа Групп" | 15/20Б | Передача "Рахмат айы Рамазан" | 24.04.2020-24.05.2020 |
| **30.** | ОсОО "Асылбашев Креатив" | 006/19Б | Телепроект "Асман" **Биргелешип ишке ашырылган долбоор** | 18.02.2019 –до исп.обяз-в |
| **31.** | ОсОО "ATR group" | 015/19Б | Передача "Аруузат" **Биргелешип ишке ашырылган долбоор** | 24.05.2019-31.08.2020 |
| **32.** | ОсОО "Кеттик" | 019/19Б | Передача "Кеттик" **Биргелешип ишке ашырылган долбоор** | 12.06.2019 –до исп.обяз-в |
| **33.** | ОсОО "Один один студио" | 029/19-Б | Передача "Эрке сары" **Биргелешип ишке ашырылган долбоор** | 26.11.2019 - до исп.обяз-в |

## 7. КОРПОРАЦИЯНЫН 2019-ЖЫЛДАГЫ ФИНАНСЫЛЫК ЧАРБАЧЫЛЫК ИШТЕРИНИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

КТРКнын финансылык абалын жакшыртуу максаттарында натыйжалуу башкарууга, финансылык-экономикалык абалды талдоого, ошондой эле экономикалык көрсөткүчтөргө терс таасир көрсөтө турган факторлорду аныктоого негизделген туруктуу иш жүргүзүлүүдө. Корпорациянын бакубаттыгы жана анын ишмердигинин жыйынтыктары олуттуу өлчөмдө, чарба жүргүзүүнүн ушул субъекти кандай финансылык ресурстарга ээ болушу, алардын түзүмү канчалык оптималдуу, алар канчалык деңгээлде негизги жана жүгүртүү фонддоруна трансформациялануусу менен аныкталат. Ушуга байланыштуу, Ушуга байланыштуу финансы ресурстарын тартуу жана натыйжалуу колдонуу финансы менеджментинин ишкананын чарба ишмердигинин жогорку түпкү жыйынтыктарына жетишүүгө багытталган маанилүү функцияларынын бири болуп саналат.


Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык жүргөн өзгөрүүлөр Корпорацияны каржылоо түзүмүндөгү өзгөрүүлөргө алып келген. 16-таблицада Корпорациянын бюджетинин структурасы жана динамикасы берилген.

*Таблица 16. КТРКнын бюджетинин структурасы жана динамикасы 2015-2019-ж.ж./тыс.сом*

| | 2015 факт | 2016 факт | 2017 факт | 2018 факт | 2019 факт |
|---|---|---|---|---|---|
| Республикалык бюджет | 400 233,4 | 439 287,7 | 478 366,5 | 390 777,5 | 358101,7 |
| Жеке каражаттар жана гранттар | 265 348,6 | 177 255,4 | 160 188,6 | 123 936,9 | 78108,1 |
| Бюджет, бардыгы | 665 582,0 | 616 543,1 | 638 555,1 | 514 714,4 | 436208,9 |
| Капиталдык салымдар | 97 528,5 | 43 454,9 | 130 453,4 | 21 912,6 | |

Таблицада көрүнүп тургандай акыркы жылда Корпорациянын бюджети кескин кыскартылган. Каржылоо республикалык бюджеттеги дефициттен улам азайган. Структуралык түзүмдөрдүн жеке кирешелери төмөндөдү (толук маалымат төмөн жакта көрсөтүлгөн), ошондон улам мурунку отчеттук мезгилдерге салыштырмалуу капиталдык салымдар кыскартылды. Бюджеттин так-даана варианты кийинки диаграммада көрсөтүлгөн:

*Графика 9. Мурунку жылдарга салыштырмалуу КТРКны каржылоонун көлөмү*




Ошону менен Корпорациянын бюджети мурунку жылга салыштырмалуу 78505,5 миң сомго кыскартылган, анын ичинен 328101,7 (82%) сому бюджеттик каражат. Белгилей кетчү жагдай, Корпорациянын эл аралык келишимдер боюнча эфирдик убакыттын эсебинен алынган 35 878,6 миң сом суммасындагы жеке киреშеси бул таблицада киреше катары көрсөтүлгөн эмес. Бюджеттик кодекстин талаптарына ылайык, ал республикалык бюджеттин кирешеси катары эсептелинет.

Мамлекеттик бюджеттен КТРКны финансылоонун көлөмү бекитилген чыгашалар сметасынан отчеттук жылда 90,3% жүргүзүлдү. 2019-жылга карата түзүлгөн бюджеттик долбоорунда көрсөтүлгөндөн 79% деңгээлде (Таблица 17).


Бюджеттик долбоордо көрсөтүлгөн жана республикалык бюджеттен факт жүзүндө бөлүнгөн каражаттын салыштырмалуу таблицасы/миң сом.

Бюджеттин дефицитине байланыштуу Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин катына ылайык, жылдын соңунда жакталбаган беренелер боюнча чыгашалар кыскартылды. Финансылоонун жетишсиздиги 2019-жылга карата такталган чыгашалар сметасын эске алуу менен 32339,1,0 миң сомду түздү. Республикалык бюджеттен каржылоо тууралуу маалымат төмөндө көрсөтүлгөн:

*Таблица 17. 2019-жылдагы финансылоонун көлөмү*

| | **2019 жыл** | | |
|---|---|---|---|
| | **Берилген бюджет** | **Бекитилген смета** | **Бөлүнгөн бюджет** |
| Бюджет, бардыгы | 453 104,90 | 396 444,80 | 358 101,80 |
| Айлык акы | 119 181,60 | 119 204,00 | 119 204,00 |
| СФго төлөмдөр | 20 558,80 | 21 662,80 | 21 662,80 |
| Иш сапарлар | 6 000,00 | 6 000,00 | 5 229,10 |
| Коммуналдык кызматтар | 231 378,90 | 214 130,40 | 195 478,20 |
| Башкы кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу | 59 650,80 | 20 612,80 | 13 875,90 |
| Буюм жана материалдарды сатып алуу | 3 316,00 | 1 816,00 | 2 651,80 |
| Машиналар жана жабдыктар | 13 018,80 | 13 018,80 | 0,00 |

*Графика 10. 2019-жылдагы финансылоонун көлөмү*




Белгилей кетели, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан толугу менен бөлүнбөй калган сумма, биз тараптан кайра талап кылынган эмес. Себеби радиону модернизациялоо боюнча тендер жарылоонун мөөнөтү узартылган.

Компаниянын финансылык ресурстарын түзүүнүн негизги максаты болуп анын чарбачылык ишмердигине стратегиялык келечегиндеги өнүгүүсүн камсыздоочу зарыл болуучу активдерин калыптандыруудагы керектөөлөрдү канааттандыруу болуп саналат. Корпорациянын финансылык ресурстарын калыптандыруу процессин стратегиялык башкаруу, өздүк кирешелердин түзүмүн жана динамикасын карап чыгуунун зарылдыгын алдын ала аныктайт.


КТРКнын 2015-2019-жж. үчүн өздүк кирешелеринин түзүмү жана динамикасы /миң сом

*Таблица 18. Консолидацияланган кирешелердин түзүмү жана динамикасы*

| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 |
|---|---|---|---|---|---|
| Саясий жарнама | 78948,9 | 13490,6 | 42332,0 | | |
| Жарнама жана башка кирешелер | 181937,4 | 163764,8 | 117856,6 | 123936,9 | 78408,1 |
| Бардыгы | 260886,3 | 177255,4 | 160188,6 | 123936,9 | 78408,1 |
| анын ичинде: | | | | | |
| Жарнама | 103217,4 | 91396,4 | 91938,5 | 58958,3 | 57889,5 |
| Эфирдик убакыт | 56017,4 | 55973,2 | 2849,4 | 546,4 | 1664,4 |
| Жабдыктарды жана имараттарды ижарага берүү | 2063,7 | 2606,7 | 4907,7 | 6062,0 | 3933,5 |
| Жүгүртмө сап | 2879,0 | 2107,4 | 1758,4 | 3017,4 | 3940,8 |
| Арноо-концерти | 773,1 | 531,0 | | | 356,0 |
| Берүүлөр программасы | 470,0 | 657,0 | | | 75,0 |
| Гранттар жана демөөрчүлөр | 10858,2 | 5592,4 | 6359,3 | 17427,0 | 0,0 |
| РТРдеги жарнама | | | 7132,4 | 34490,1 | 7671,9 |
| Жана башкалар | 5658,6 | 4900,7 | 2910,9 | 3435,7 | 3308,0 |

18-таблицада Корпорациянын акыркы 5 жыл ичиндеги кирешелеринин динамикасы көрсөтүлгөн. Санариптик берүүлөргө өтүүгө байланыштуу ачык жана жеткиликтүү болгон телерадиоканалдардын арасындагы атаандаштыктын өсүүсү телеберүү мейкиндигиндеги жарнама кирешелеринин кайра бөлүштүрүлүшүнө алып келген. 2017-жылдын май айынан тартып санариптик көрсөтүүгө өткөндөн бери телеканалдардын саны 56га жетти. Телерадиоканалдардын арасындагы атаандаштык, санариптик форматка өтүшү менен алардын ачык жана жеткиликтүү болушу телевизиондук мейкиндиктеги жарнамалык кирешелердин кайра бөлүштүрүлүшүнө алып келди. Эч кимге деле жашыруун сыр эмес, жарнама кызматтары рыногундагы негизги оюнчу болуп дайыма Корпорация эсептелип келген. Телекөрүүчүлөрдүн экрандарында пайда богон телеканалдардын көпчүлүгү акыркы мезгилге чейин жеке контент өндүрүшчү эмес, алар чет элдик каналдарды ретрансляциялашчу же жөн гана кино жана сериалдарды көрсөтүшчү. Андан тышкары чет элдик контенттин эфиринде жарнаманы мыйзамсыз жайгаштыруу, жеке өндүрүшко каражат коротпогону телевизиондук жарнаманын баасынын демпинги коркунучтуу абалга такалды. Мисалы, КТРКнын прайстарына ылайык жүгүртмө сапта бир символго 5 сом төлөнөт, бирж ума бою күнүнө 8 ирет көрсөтүлүп турат. Ошол эле учурда башка каналдарды жүгүртмө сапты 15 каналга бир айга жайгаштыруу, акысы 2000 сом деген жарнаманы көрсө болот. Телевизиондук рекламанын да абалы ушундай. Кандай болбосун жарнама берүүчүгө КТРКга 1 мүнөттүк жарнама үчүн 33000 сом төлөгөнгө караганда, 500 АКШ долларын төлөп бир нече каналга жарнама бергенден көбүрөөк пайда алып келет. Жарнамалык рынокто жан багуу үчүн жарнамалык агенттиктерге максималдуу арзандатуу берүү сунушталган. Бюджетти чектелүү болгон жарнама берүүчүлөр КТРК сунуштаган мамлекеттик мекемелердин талаптарына ылайык келген катаал тарифтерге, ийкемдүүлүктүн жоктугуна туруштук бере албайт жана эч убакта кайрылышпайт.

*График 11. 2019-жыл ичиндеги Корпорациянын жеке кирешелери (78 408,1 тыс.сом)*





Белгилей кетчү жагдай, Корпорациянын чыгашаларынын басымдүү бөлүгү республикалык киреше катары жөнөтүлөт. Бюджеттик кодекске ылайык 35 878,6 миң сом суммасында республикалык бюджетке жөнөтүлгөн кирешелерди да эске ала турган болсок, анда Корпорациянын кирешеси 114 286,7 миң сом болмок.

*Таблица 19. 2019-жылда республикалык бюджетке жөнөтүлгөн суммаларды эске алуу менен КТРКнын коммерциялык ишмердүүлүгүнөн тапкан консолидацияланган кирешелер/ миң сом*

| | 2019-жылдагы кирешелер | | |
|---|---|---|---|
| | бардыгы | Анын ичинде | |
| | | Республикалык бюджетке жөнөтүлгөн кирешелер | Жеке кирешелер |
| Бардыгы: | **114286,7** | **35878,6** | **78408,1** |
| **Анын ичинде:** | | | |
| **Жарнама** | 57889,5 | | 57889,5 |
| **Эфирдик убакыт** | 37112,0 | 35447,6 | 1664,4 |
| **Жабдыктарды жана имараттарды ижарага берүү** | 3933,5 | | 3933,5 |
| **Жүгүртмө сап** | 3940,8 | | 3940,8 |
| **Арноо-концерти** | 356,0 | 356,0 | |
| **Берүүлөр программасы** | 75,0 | 75,0 | |
| **РТРдеги жарнама** | 7671,9 | | 7671,9 |
| **Жана башкалар** | 3308,0 | | 3308,0 |

*Графика 12. 2018-жылы республикалык бюджетке жөнөтүлгөн суммаларды эске алуу менен Корпорациянын жалпы кирешеси (114 286,7 тыс. сом).*




Ошону менен акчалай каражаттын 36,5%ы Корпорациянын жеке киршесинен чыгып калган. Республикалык бюджет тарабынан чыгаша болгон беренелерди толуктап берүү каралган, бирок Корпорациянын 32339,1 миң сомго финансылоонун толук болбой калышы жалпы жамааттын контентти жакшыртууга болгон бардык аракетин жокко чыгарууда. 2019-жылдагы жарнамалык кирешенин кыскарышы, мамлекеттик бюджеттен бөлүнгөн каражаттын жетишсиздиги, кредитордук карыздын 21029,6 тыс.сом болуп кетүүсүнө себеп болду. Анын көпчүлүк бөлүгү РРТБ МИ түзүмдүк бөлүмдүн техникалык тейлөөсү үчүн карыз.

Кыргыз Республикасынын «Телекөрсөтүүлөр тууралуу» Мыйзамынын 8, 10 жана 19 беренелеринин негизинде жана Маданият, маалымат жана туризм министрлигине караштуу Маалымат жана туризм департаменти жүргүзгөн мониторинге ылайык, берүүлөр торчосунда өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылчылыгы пайда болду. Себеби каналдарды ата-мекендик өндүрүштөгү жана мамлекеттик тилдеги контент менен толтуруу талабын аткаруу керек эле. 2019-жылдын сентябрь айында өткөн Телевизиондук долбоорлорду конкурстук тандоодон өткөргөндөн кийин жаңы телесезондун башталышы менен каналдар өздүк программаларды өндүрүүдө олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон өзгөртүлгөн берүүлөр торчосунун негизинде иштеп башташты.

*Таблица 20. 2019-жылдагы ТВ жана РВдагы берүүлөрдүн көлөмү, саат менен*

| № п/п | Каналдар | 2019-жыл | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **план** | **факт** | **профилактика** | **+/- айырма** |
| **1** | **КТРК** | **8 760,00** | **8 664,00** | **96,00** | **0,00** |
| | өздүк | 1 883,40 | 1 913,00 | | 29,60 |
| | башка | 6 876,60 | 6 751,00 | 96,00 | -29,60 |
| **2** | **Маданият** | **8 760,00** | **8 664,00** | **96,00** | **0,00** |
| | өздүк | 445,30 | 428,54 | | -16,76 |
| | башка | 8 314,70 | 8 235,46 | 96,00 | 16,76 |
| **3** | **Музыка** | **8 760,00** | **8 664,00** | **96,00** | **0,00** |
| | өздүк | 386,90 | 187,08 | | -199,82 |
| | башка | 8 373,10 | 8 476,92 | 96,00 | 199,82 |
| **4** | **Спорт** | **8 760,00** | **8 664,00** | **96,00** | **0,00** |
| | өздүк | 733,65 | 503,63 | | -230,02 |
| | башка | 8 026,35 | 8 160,37 | 96,00 | 230,02 |
| **5** | **Ала-Тоо 24** | **8 760,00** | **8 664,00** | **96,00** | **0,00** |
| | өздүк | 474,50 | 875,76 | | 401,26 |
| | башка | 8 285,50 | 7 788,24 | 96,00 | -401,26 |
| **6** | **Баластан** | **5 475,00** | **5 385,00** | **90,00** | **0,00** |
| | өздүк | 87,60 | 105,15 | | 17,55 |
| | башка | 5 387,40 | 5 279,85 | 90,00 | -17,55 |
| | | | | | |
| | **Радио** | **21 900,00** | **21 860,00** | **40,00** | **0,00** |
| **1** | 1 программа | 6 570,00 | 6 554,00 | 16,00 | 0,00 |
| **2** | 2 программа | 6 570,00 | 6 554,00 | 16,00 | 0,00 |
| **3** | 3 программа | 8 760,00 | 8 752,00 | 8,00 | 0,00 |

Таблица 20да берилген маалыматка ылайык, жалпы берүүнүн көлөмү өздүк жана башка берүүлөрдү эске алуу менен жүргүзүлгөн. Анын ичинен телевизиондук жабдыктарды техникалык эксплуатациялоонун шарттарын эске алуу менен 570 сааты профилактикалык иштерге каралган. Өздүк берүүлөр дегенде көрсөтүүлөрдүн долбоорун иштеп чыгып, анын эфирге биринчи ирет, оригинал форматта коюлуусу айтылат. Бардык программалардын кайталоолору, архивдик материалдар, башка уюмдардын программалары, фильмдер, мульфильмдер, сериалдар, трансляциялар – тышкы берүүгө кирет.

**Финансылык каражаттын жана эмгектин басымдуу бөлүгү өздүк берүүлөрдү даярдоого сарпталат.** Сентябрь айынан берүүлөрдүн торчосу өзгөргөндөн баштап өздүк көрсөтүүлөр максималдуу түрдө көбөйгөн: «Ала-Тоо 24» 401,26 саатка, «Коомдук Биринчи каналда» 28,7 саатка, «Баластан» телеканалында 18,75 саатка. Бекитилген тарифтерге ылайык суммардык эсептөөдө төмөнкү өлчөмдө ашыкча болуп калган:

*Таблица 21.*

| | Саат | с/ст-ть,сом | сумма, т.сом |
|---|---|---|---|
| Коомдук Биринчи канал | 28,7 | 20 180,00 | 579,2 |
| «Ала-Тоо 24» телеканалы | 401,26 | 42 186,45 | 16 927,7 |
| «Баластан» телеканалы | 18,75 | 20 500,00 | 384,4 |

Корпорациянын бюджетине күч келтирүүнү азайтуу максатында башка каналдарда өздүк берүүлөр кыскартылагн. Бирок жеке контентти өндүрүүнүн наркы жогору болгондуктан «Ала-Тоо 24» каналынын эле чыгашаларынын суммасы 16 927,7 миң сом болду. Кыргыз Республикасынын «Телерадиоберүүлөр тууралуу» КР-нин Мыйзамынын 8,10 жана 19-беренелерине ылайык, телевизиондук көрсөтүүлөр менен камсыздоонун чыгашаларынын жалпы суммасы 10 776,4 миң сомду түздү. Ошондон улам техникалык тейлоо жагынан кредитордук береселер пайда болду.

Корпорациянын негизги киреше булагы жарнамалык убакытты сатуу. 22 таблицада 2019-жылда эфирдик убакыттын сатылышы көрсөтүлгөн.

*Таблица 22. 2015-2019жж жарнамалык убакытты сатуу /мүнөт менен*

| көрсөткүтөр | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 |
|---|---|---|---|---|---|
| **КТРКнын негизги каналынын эфирдик убактысы** | 374 961,0 | 386 580,0 | 393 594,0 | 525 600,0 | 525 600,0 |
| Уруксат берилген убакыт ( "КТРК жөнүндө" КРнын Мыйзамы 9-бер п 2) | 37 496,1 | 38 658,0 | 39 359,4 | 52 560,0 | 52 560,0 |
| Коммерциялык жарнама | | | | | |
| **прайм тайм** | 7 010,1 | 6 743,8 | 5 435,9 | 2 506,5 | 1 715,4 |
| **офф тайм** | 2 224,5 | 1 054,1 | 1 527,7 | 755,7 | 421,1 |
| *Натыйжада комм. жарнама* | ***9 234,5*** | ***7 797,9*** | ***6 963,6*** | ***3 262,2*** | ***2 136,5*** |
| Саясий жарнама | | | | | |
| **прайм тайм** | 1 373,0 | 212,2 | 484,1 | 0,0 | 0,0 |
| **офф тайм** | 589,0 | 37,4 | 55,4 | 0,0 | 0,0 |
| *Натыйжада саясий жарнама* | ***1 962,0*** | ***249,6*** | ***539,5*** | ***0,0*** | ***0,0*** |
| Социалдык жарнама | 559,8 | 402,4 | 375,2 | 163,1 | 106,8 |
| **прайм тайм** | 608,0 | 1 293,0 | 2 010,8 | 10 548,0 | 15 588,0 |
| **офф тайм** | 910,0 | 1 940,0 | 3 016,1 | 7 032,0 | 10 394,4 |
| *Натыйжада социалдык жарнама акысыз* | ***1 518,0*** | ***3 233,0*** | ***5 026,9*** | ***17 580,0*** | ***25 982,4*** |
| Акы төлөнүүчү соц. жарнама | | | | | |
| **прайм тайм** | 758,1 | 347,5 | 482,1 | 235,8 | 616,4 |
| **офф тайм** | 182,6 | 61,3 | 183,9 | | 505,6 |
| *Натыйжада социалдык жарнама акы төлөнөт* | ***940,7*** | ***408,8*** | ***666,0*** | ***235,8*** | ***1 122,0*** |
| Натыйжасы | **13 655,2** | **11 689,3** | **13 196,0** | **21 078,0** | **29 240,9** |

2019-жылы негизги каналдын берүүлөрү 8664 саатты түздү. Кыргыз Республикасынын «Коомдук телерадиоберүүчү корпорациясы жөнүндө» КРнын Мыйзамына ылайык, коммерциялык рекламаны колдоно турган убакыт 51 984 (866,4) мүнөттү түзөт. 2019-жылы Корпорация коммерциялык жарнаманы прокат кылуу үчүн 2136,5 мүнөт колдонгон, башкача айтканда уруксат берилгендин 4,1%ын. Акысыз социалдык жарнама 25 982,4 мүнөттү түздү, башкача айтканда уруксат берилген убакыттын 49,4%ын. Акы төлөнүүчү социалдык жарнама 2,1% болду. Бардыгы болуп Мыйзам уруксат берилген убакыттын 55,6% колдонулду. Таблицада көрүнүп тургандай коммерциялык жарнаманы сатуу убактысы абдан азайганы көрүнүп турат. 2017-жылга салыштырмалуу 59,4%га, 2018-жылга салыштырмалуу 34,5%га. Белгилей кетчү жагдай КТРК каналдарын телевизиондук контент менен толтуруу максатында рекламалык убакты кыргыз өндүрүшүндөгү фильмдерди, жергиликтүү продакшн-студиялардын телепрограммаларын, эл аралык денгээлдеги спорттук иш чараларды сатып алуу үчүн колдонулган.

Мекеменин финансылык абалы анын иштиктүү активдүүлүгү жана ишенимдүүлүгүнүн олуттуу мүнөздөмөсү. Ал мекеменин карамагындагы мүлк жана каржылоо булагы, андан тышкары финанслык натыйжалары менен аныкталат. Төмөндөгү таблицада 2015-2019-жж бухгалтердик отчеттордун негизинде Коомдук телерадиокөрсөтүүчү корпорациянын активдери жана пассивдеринин динамикасы келтирилген.

*Таблица 23.* 2015-2019-жж КТРКнын активдери жана пассивдеринин динамикас

| | **2015 жыл** | **2016 жыл** | **2017 жыл** | **2018 жыл** | **2019 жыл** |
|---|---|---|---|---|---|
| АКТИВДЕР | | | | | |
| *Узак мөөнөттөгү активдер* | | | | | |
| Негизги каражаттар | 216 345,3 | 188 554,6 | 289 571,0 | 260 960,9 | 226 498,4 |
| Жана башка материалдык эмес активдер | 17 832,1 | 17 002,5 | 17 584,3 | 17 319,1 | 17 546,3 |
| жыйынтыгында узак мөөнөттүү активдер | *234 177,4* | *205 557,1* | *307 155,3* | *278 280,0* | *244 044,7* |
| *кыска мөнөттүү активдер* | | 0,0 | 0,0 | | 0,0 |
| Запастар | 16 184,8 | 15 301,3 | 15 576,9 | 16 418,2 | 12 828,5 |
| Сатып алуучулардын дебитордук карыздары | 32 389,7 | 47 582,9 | 53 633,8 | 39 057,8 | 65 277,7 |
| Жана башка дебитордук карыз | 20 664,0 | 6 647,0 | 2 288,0 | 11 204,7 | 3 014,7 |
| Жана башка финансылык активдер | 12,0 | 12,0 | 12,0 | 12,0 | 12,0 |
| Утурумдук салык милдеттенмелери | 2 452,5 | 0,0 | 2 150,9 | 0,0 | 0,0 |
| Жана башка активдер | 1 775,6 | 208,0 | 3 422,8 | 522,3 | 350,1 |
| Кассадагы жана банктары акча каражаттары | 56 977,2 | 47 816,9 | 27 552,7 | 11 659,0 | 3 522,4 |
| жыйынтыгында кыска мөөнөттүү активдер | *130 455,8* | *117 568,1* | *104 637,1* | *78 874,0* | *85 005,4* |
| ЖЫЙЫНТЫГЫНДА АКТИВДЕР | 364 633,2 | 323 125,2 | 411 792,4 | 357 154,0 | 329 050,1 |
| КАПИТАЛ ЖАНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР | | 0,0 | 0,0 | | 0,0 |
| *Капитал жана резервдер* | | 0,0 | 0,0 | | 0,0 |
| Уставдык капитал | 112 078,0 | 112 078,0 | 112 078,0 | 112 078,0 | 112 078,0 |
| Резервдер | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | 134 107,8 | 133 431,7 | 137 920,2 | 98 388,1 | 74 832,4 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Жыйынтыгында капитал | *246 185,8* | *245 509,7* | *249 998,2* | *210 466,1* | *186 910,4* |
| *Узак мөөнөттүү милдеттенмелер* | | 27 030,2 | 57 931,0 | 43 448,3 | 28 965,5 |
| Кийинкиге калтырылган салык милдеттенмелери | 18 233,4 | 0,0 | 16 338,5 | 7 634,9 | 7 235,1 |
| Жана башка милдеттенмер | 73 767,6 | 26 520,7 | 16 124,5 | 0,0 | 0,0 |
| Жыйынтыгында узак мөөнөттүү милдеттенмелер | *92 001,0* | *53 550,9* | *90 394,0* | *51 083,2* | *36 200,6* |
| *Кыска мөөнөттүү милдеттенмелер* | | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Соода жана башка кредитордук карыздар | 15 103,6 | 8 903,4 | 49 945,8 | 54 655,3 | 93 015,4 |
| Жана башка финансылык милдеттенмелер | 1 181,6 | 8 218,2 | 2 141,2 | 1 393,1 | 1 352,1 |
| Утурумдук салык милдеттенмелери | 2 674,2 | 6 502,8 | 4 458,5 | 639,7 | 884,2 |

Ишкананы ийгиликтүү башкаруунун маанилүү шарттарынын бири болуп анын финансылык-чарбачылык ишмердигине баа берүү эсептелет. Ишкананын финансылык-чарбачылык ишмердиги финансы каражаттарынын калыптануу жана пайдалануу роцессин чагылдыруучу көрсөткүчтөрдүн жыйнагы менен мүнөздөлөт.

**Финансылык абалга жалпы баа берүү жана анын отчеттук мезгилдеги өзгөрүүлөрү.**

- ✓ КР Мамлекеттик мүлк Фондунун ММБР ВАМТынын талаптарына ылайык КТКРда анын талаптары боюнча толугу менен амортизацияланган, жараксыз абалга келген жана моралдык жактан эскирген негизги каражаттарды алып салуу жүргүзүлгөн мамлекеттик мүлктү комплекстүү инвентаризациялоо өткөрүлгөн. Ушуга байаныштуу, жылдын акырына карата негизги каражаттардын баасы 34462,5 миң сомго төмөндөгөн.

- ✓ Жылдын акырына карата жүгүртүү активдери дагы төмөндөгөн жана жылдын акырына карата 329050,1 миң сомду түзүп турат. Банкта жана кассада 3522,4 миң сом суммасындагы акча каражаттары аккумуляцияланышкан. Сатып алуучулардын дебитордук карызы 65277,7 миң сомду түздү, анын ичинен ички дебитордук карыз 16927,7 миң сом.

- ✓ Өздүк жарнамалык кирешелеринин төмөндөөсүнүн натыйжасында, түзүмдүк бөлүмдө 23438,6 миң сом өлчөмүндөгү чыгаша пайда болгон, анын пайда болуусуна ири даражада россия каналдарын кармап туруу жана берүүлөрүн камсыздоо үчүн келип жаткан күч келүү таасир кылган.

- ✓ Өткөн мезгил ичиндеги кыска мөөнөттүү милдеттенмелер 2019-жылдын акырына карата кредитордук карыздын жогорулоосунун эсебинен 38360,1 миң сомду түзгөн. Анын ичинен 22738,6 мин сом республикалык бюджеттин финансыны толугу менен бөлүп бербегенине байланыштуу пайда болду.

- ✓ Узак мөөнөттүү милдеттенмелер (ПТСга карата пайызсыз кредит), тескерисинче 14 482,7 миң сомого азайган, башкача айтканда Корпорация төлөөлөрдү толугу менен жана өз маалында төгүп, берилген мамлекеттик ссуданынын шарттарын толук өлчөмдө аткарууда.

Коомчулук жүктөгөн миссиясын ийгиликтүү аткаруу үчүн КТРКга мамлекеттик колдоо керек. Корпорация сапатту теле жана радио берүүлөрдү камсыздоо үчүн материалдк-техникалык базага финансылык каражаттарды салууну улантып келет. Бирок жарнамалык рыноктун кризиси учурунда жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоо максатында комплекстүү иш алып баруу зарыл. Бир гана финансылоо жагынан эле эмес, анын функционалдашуу системасын өзгөртүү менен дагы.

Башкаруунун эң эле маанилүү функциясы болуп ишкананын финансылык ресурстарын рационалдуу калыптандыруу эсептелет. Республикалык бюджеттен каржылана турган уюмдар үчүн бюджеттик процесстин ажыратылгыс бөлүгү болуп санала турган финансылык башкаруу инструменттеринин бири болуп программалык бюджеттештирүү эсептелет. Азыркы мезгилде программалык бюджеттештирүү процессине теле жана радиоканлдарынын продюсерлери тартылышкан. Аталган аспапты Корпорациянын бюджетинин чыгаша бөлүгүндө гана эмес, киреше бөлүгүндө дагы калыптандырууда пайдалануу Корпорациянын бардык ресурстарын жана мүмкүндүктөрүн толук пайдалануу мүмкүндүгүн берген. Программалык бюджеттин жыйынтыгы болуп бардык проблемаларды, пландарды жана долбоорлорду тереңдикте талдоого негизделген Корпорациянын жогорку салмакталынган деталдаштырылган бюджети эсептелет.

## 8. КОРПОРАЦИЯГА ТОЛУГУ МЕНЕН ЖЕ ЖАРЫМ-ЖАРТЫЛАЙ, ТИКЕ ЖЕ ОРТОМЧУЛУК МЕНЕН ТИЕШЕЛҮҮ БОЛГОН КОМПАНИЯЛАР ЖАНА ИШКАНАЛАР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР

КТРК анда уставдык капиталдын 60% үлүшү менен Коомдук уюштуруучусу болуп саналган «Первый канал. Кыргызстан» ЖЧК биргелешкен ишканасы жөнүндө маалымат.

«Первый канал. Кыргызстан» ЖЧКсы – биргелешкен ишкана, КТРК анда уставдык капиталдын 60% үлүшү менен катышуучу укуктарында Коомдук уюштуруучусу болуп саналат.

Россия тарабынын катышуу үлүшү, «Первый канал. Всемирная сеть» Жабык акционердик коом түрүндө, Коомдун уставдык капиталынын 40% түзүп турат.

*Маалымат үчүн: 1996-жылдын 28-мартында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн ортосунда Кыргыз Республикасынын аймагындагы россиялык телерадиоберүүчү уюмдардын программаларын таркатуунун тартиби жана шарттары туурасында Макулдашуу түзүлгөн.*

КР жана РФ Өкмөттөрүнүн ортосундагы 1996-жылдын 28-мартындагы Кыргыз Республикасынын аймагында россиялык телерадиоберүү уюмдарынын программаларын таркатуу тартиби жана шарттары жөнүндө Макулдашуунун 10-п. ылайык, ушул Макулдашуунун аракети Тараптардын биринин анын аракетин токтотуу ниети жөнүнд экинчи Тарапка жазуу жүзүндөгү билдирүү алган күнүн-н тартып үч ай өткөндөн кийин токтотулат.

«Первый канал. Кыргызстан» ЖЧКсы КРнын аймагында «Первый канал. Всемирная сеть» рограммалары алып көрсөтүүнү жүзөгө ашырат, ал ушул максаттар үчүн Президенттин 29.01.2007-ж. №14 Жарлыгына ылайык КР Мамлекеттик телерадиоберүү компаниясы жана «Первый канал. Всемирная сеть» ЖАКы тарабынан уюштурулган.

«Первый канал. Кыргызстан» ЖЧКсынын негизги милдети болуп «Первый канал. Всемирная сеть» програмаларын алып көрсөтүү жана Кыргыз Республикаснын аймагында «Первый канал. Всемирная сеть» ЖАКынын автордук жана аралаш укуктарын коргоо эсептелет.

«Первый канал. Кыргызстан» ЖЧКсы ошондой эле Биринчи каналдык жана Биринчи каналдын Санариптик телеүй-бүлөсүнүн: Карусель, Дом Кино, Музыка Первого, Время: далекое и близкое, Телекафе сыяктуу программаларын коммерциялык телеберүү түйүндөрүндө таркатууга карата укукту берет.

«Первый канал. Кыргызстан» ЖЧКсы өз ишмердигин толук өз алдынча каржылоо менен жүзөгө ашырат, КРнын мамлекеттик бюджетинен каражаттарды албайт.

Кыргызстанда РФтин Биринчи каналынын программаларын алып көрсөтүү Москвада 1996-жылдын 28-мартында кол коюлган Кыргыз Республикасынын аймагында россиялык телерадиоберүү уюмдарынын программаларын таркатуу тартиби жана шарттары жөнүндө КР жана РФтин Өкмөттөрүнүн ортосунда түзүлгөн Макулдашууга ылайык, ошондой эле КР Президентинин 29.01.2007-жылдагы №14 «Россия Федерациясынын «Первый канал. Всемирная сеть» программаларын Кыргыз Республикасынын аймагында алып көрсөтүү маселелери жөнүндө» Жарлыгына ылайык жүзөгө ашырылат.

**Россия каналдарынын ЦТВ социалдык пакетинде КТРКнын курамында ретрансляцияланышы тууралуу маалымат**

Россия Федерациясынын Өкмөтү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы «КРдин аймагында россиялык телерадиоберүүчү уюмдардын программаларын таркатуу тартиби жана шарттары тууралуу» Макулдашуусунун негизинде Биринчи вице-премьер-министр М.Д. Абылгазиев менен жыйындын №9-07 11 май 2017-жылдагы №9-07 протоколуна ылайык, жана КРдин Өкмөтүнүн 21 июль 2017-жылдагы № 442 токтомуна ылайык чет элдик өнөктөштөрдүн эки каналы «Первый канал. Всемирная сеть» жана «РТР Планет» КТРКнын теле үй-бүлөсүнө бекитилген, андан кийин бул каналдар санариптик телеберүүнүн социалдык пакетине кирген.

Кыргыз Республикасынын "Телевидение жана радиоуктуруу туурадуу" КР-нин Мыйзамынын 32-беренесине ылайык, Социалдык пакеттин алкагында россиялык телеканалдарды Кыргыз Республикасынын аймагына таркатуудагы техникалык камсыздоо боюнча чыгашалар жана кызматтар, "РТР Планета" каналынан түшкөн жарнаманын эсебинен жүргүзүлөт. Бул жобо КТРКнын КТРК "Республикалык радиотелеборбор" МИ (РРТБ МИ) түзүмүнө, Телевидение жана радиоуктуруу магистралдарынын Республикалык радиореллейдик өндүрүштүк бирикмесинеболгон карыздардын пайда болушуна себепкер болду, анын көлөмү 65 051,9 миң сом. Белгилей кетчү жагдай мурун ийгиликтүү деп саналган РРТБ МИ 2019-жылдын жыйынтыгы менен 22 874,9 миң сом өлчөмүндөгү чыгым жоготуулары бар. Ошол эле учурда ишкананын алдында КТРК теле үй-бүлөсүн үзгүлтүксүз берүү тапшырмасы теле жана радиоуктрулуулардын өндүрүшүн материалдык-техникалык жактан камсыздоо андан тышкары көчмө телевизиондук станцияны сатып алуу боюнча бюджеттин кредитин төлөө маселелери турат.

Маалыматтык коопсуздуктун кызыкчылыктарын жана кыргыз-россия мамилелерин эске алуу менен республикалык бюджетке күч келтирүүнү төмөндөтүү максатында мамлекеттер аралык комиссия түзүлгөн. Россия тарап менен бир нече жолугушуулар өткөрүлгөн. Бирок россия тарап, өзүнүн бир талабын бекем кармады: сигналды таратунун акысын ПКВС каналдагы жарнаманы сатуунун эсебинен жүргүзүү. Бул шартты аткаруу мүмкүн эмес, себеби мындай көрүнүш жарнамалык рыноктун талкаланышына алып келмек. Кыргызстандын медиа рыногу ошонун эсебинен жашайт. Ошондо россия тарапка ПКВС жана "РТР Планета" каналдарын КТРКнын теле үй-бүлөсүнүн курамына кошуу сунушу киргизилген.

Ошону менен Кыргыз республикасынын Өкмөтүнүн 21.07.2017-жылдагы №442 токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасындагы санариптик эфирдик берүүлөр пакетине кошумча жогоруда айтылган каналдар учкаштырылды. Россияык телеканалдардын сигналын таратуу үчүн кызмат акы төлөө "РТР Планета" каналына жарнаманы жайгаштыруудан келип түшкон каражаттын эсебинен төлөнмөк.

Белгилей кетчү жагдай, ПКВС каналынын Кыргыз Республикасынын аймагында рейтинги жогору жана абдан популярдуу. Ошого байланыштуу жарнама рыногунун бузулушун алдын алуу үчүн "Первый канал. Всемирная сеть" каналында жарнаманы жайгаштырбай эле коюу чечими кабыл алынды. Сигнал таратуу кзматы "РТР Планета" каналынан келип түшкон жарнаманын эсебинен гана төлөнмөй болду. Ошол эле учурда КТРК "РТР Планета" каналындагы жарнамадан түшкөн каражат жетишсиз болот, жана эки каналдын чыгашасын жаба албайт экенин эскерткен эмес.

КТРК бир нече жолу ТРРМ РӨБго сигналды таратуу кызматынын акысын төмондөтүү маселеси менен кайрылган. Бирок ТРРМ РӨБ тарабынан эч кандай жеңилдетүү жана арзандатуу бериген эмес.

Андан тышкары Кыргыз Республикасынын "Телевидение жана радиоуктуруу тууралуу" Мыйзамынын 32-беренесинин 2-бөлүгүно ылайык, "Кыргыз Республикасынын аймагында чет элдик телерадиоканалдарды толук же жарым жартылай ретрансляция кылган телеуюмдарга жана операторлорго жарнама жайгаштыруусуна тыюу салынат, төмөнкү учурларды эске албаганда":

- Кыргыз Республикасы катышкан социалдык пакеттин алкагында чет элдик телеканалдардын санариптик берүүлөрүн толук ретрансляциялоону. Ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын аймагына телеканалдардын таркатууга кеткен чыгашаларды жабуу үчүн жарнаманы жайгаштырууга уруксат берилет Өкмөт бекиткен көлөмдө, деп көрсөтүлгөн.

Бул норманы аткаруу үчүн 2018-жылдын 6-декабрында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №428-р буйругу кабыл алынган. Анда жарнамага болгон каражаттын көлөмү 135 000,0 мин сом, деп бекитилген. Бирок факт жүзүндо жарнамадан түшкөн кирешенин көлөмү 2017-2019-жылдары болгону 55 471,4 миң сомду түзгөн.

З.М.Аскаров жана А.С.Омурбекова Вице-преьмер-министрлердеги жыйындын жыйынтыгы менен 2018-жылдын 24-декабрында №9-08 протоколу кабыл алынган. Ага ылайык, ТРРМ РӨБгө КТРК РРТБ менен ПКВС жана "РТР Планета" телевизиондук программаларды көрсөтүү боюнча келишим түзүп, КРдин Финансы министрлиги менен биргеликте ТРРМ РӨБдүн алдындагы карызды жабуунун жолдорун издөө сунушталган.

РРТБ КТРК тарабынан ТРРМ РӨБ менен 2019-жылдын 30-июнуна чейин россия телеканалдарын таркатуу боюнча келишим түзүлгөн. Андан тышкары Өкмөттүн жогруда айтылган карызды чечүү боюнча чечимдин долбooруна негиздеме маалымкаты даярдалып, КРдин Финансы министрлигине жөнөтүлгөн.

Ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын "Телевидение жана радио уктуруу тууралуу" Мыйзамынын 32-беренесинин 1 бөлүмүнө ылайык, айтылган Мыйзамдын 48-беренеси 1-бөлүмүндо каралгандай, 2019-жылдын 1-июлуна чейин кана иш жүзүндө болот. Демек Мыйзамдын бул нормасын ишке ашыруу үчүн КТРК россия телеканадары менен лицензиялык келишимдерди токтотуп, көрсөтүүнү токтотууга милдеттүү. Бирок чогулуп калган карыз Корпорацияга жүктөлгөн бойдон калды.

Ошого байланыштуу ПКВС жана "РТР Планета" россия телеканалдарын мындан ары ретрансляциялоо жана чогулган карызды төлөө маселеси ачык бойдон калып, КРдин Өкмөтүнүн КР мыйзамын өзгөртүү чечимин күтүүдө.

## 9. КТРКнын РЕДАКЦИЯЛЫК САЯСАТЫ

Аудитория үчүн сапатту контенти жасоо боюнча керектөөлөрдү анализдегенден кийин 2019-жылдагы КТРКнын редакциялык саясаты кошумча жоболор менен толукталды/такталды:

- Теле жана радио программаларды өндүргөн кызматкерлердин ишмердүүлүгү;
- Маалыматтык материалдарды жана билдирүүлөрдү даярдоо;
- КТРКнын телевизиондук жана радио каналдарында КТРКнын чыгармачыл студияларынын да КРдин тышкы продакшн студияларында да өндүрүлгөн теле жана радио программаларды кабыл алуу жана жайгаштыруу;

Берүүлөрдү кабыл алууда алардын эрежеси жана тартиби так жана даана жазылган ички нормативдик актылар иштелип чыккан. Ошону менен процесстин бардык катышуучулары үчүн иштөө шарттары ачык жана түшүнүктүү болот:

- Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүүчү корпорациясынын жаны жылдык программалар үчүн катышуучуларды тандоо тууралуу жобо;

  Документ эстрада жана шоу бизнес өкүлдөрүнүн жыл сайын нааразы болгонун байланыштуу кабыл алынды. Анда катышуучуларды тандоо критерийи жана тартуу процессинин эрежелери жазылган;

- Көркөм кеңеш тууралуу жобо;

  КТРК телеканалынын эфирине жайгаштыруу үчүн кабыл алынган контентке баа берүү критерийлери жана мүчөлөрүнүн компетенциялары жазылган;

- Коммерциялык сыр тууралуу жобо;

  Коммерциялык сыр болуп саналган маалыматтын сыртка жайылып кетүү жана көзөмөлдөө үчүн кабыл алыган;

- Этикалык комиссия тууралуу жобо;

  Кызматкерлер арасындагы маселелерди чечүү, башка пресса менен мамиле түзүү, чыгармачыл коллективдеги жүрүм-турумдун этикасын сактоо;

- Москва шаарындагы корреспонденттик пункт тууралуу жобо;

  Россия Федерациясында иш алып барган КТРКнын корреспонденттик пунктунда иштеген журналисттердин ишмердүүгүн жана жүрүм-турумун көзөмөлдөөчү документ;

## 10. 2020-ЖЫЛГА КАРАТА КОРПОРАЦИЯНЫН ПЛАНДАРЫ

2020-жылы корпорациянын планына төмөнкү приоритеттик стратегиялык маселелер коюлган:

- Пиплметрияны киргизүү. КТРКнын бардык каналдарын телевизиондук аудиторияны өлчөөчү электрондук системага кошуу. Анткени заманбап медиа индустрияда телеканалдар ушундай күнүмдүк изилдөөлөрсүз экономикалык жактан да мазмундук жактан да өсө албайт;
- Аудиториянын суроо талабына ылайык берүү торчосун түзүү үчүн ичики жана тышкы долбоорлорго конкурс өткөрүү;
- Коюлган маселелердин аткарылышын эске алуу жана көзөмөлдөө үчүн docflow жана workflow’дун негизинде ички иш процесстерди автоматташтыруу;
- Медиа пландаштыруу өндүрүштүк процесстерин автоматташтырууну жүргүзүү;
- Интернет ресурстарындагы ишмердүүлүктү оптимизациялоо аркылуу Корпорациянын киреше булагын кеңейтүү;
- Тартуу аянтчаларын кайра пландаштыруу жана кеңейтүү/жакшыртуу;
- Баластан балдар каналынн өнүктүрүү:
    - «Баластан» телеканалынын контентин жакшыртуу. ООН UNICEF балдар фонду жана башка эл аралык донордук мекемелер менен биргеликте стратегиялык өнүгүү планын макулдашуу аркылуу;
    - «Баластан» телеканалы үчүн профессионалдуу аппараты менен тартуу студиясын куруу, түз эфир жана тартуу иштерин жүргүзүү үчүн;
    - Балдар контенти боюнча эл аралык стандарттарга ылайык келген жеке берүүлөрдүн көлөмүн көбөйтүү;

- Заманбап, автоматташтырылган платформалардын базасында профессионалдуу борборлоштурулган архивди киргизүү;